# МАНАС, СЕМЕТЕЙ, СЕЙТЕК

manas-discovery.kg



manas-discovery.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# «МАНАС»
# «СЕМЕТЕЙ»
# «СЕЙТЕК»

(план-проспект)

БИШКЕК – 2022

manas-discovery.kg

УДК 398
ББК 82.3 (3Кир)
М 23

*Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун
Окумуштуулар кеңеши тарабынан басмага сунуш кылынды.*

***Китептин жарык көрүшүнө колдоо көрсөткөн
Жапаров Гурас Дүрбөлөңовичке
ыраазычылык билдиребиз***

***Жооптуу редактору:***
*академик А. А. Акматалиев*
***Рецензенттер:***
**М.Көлбаева** – филология илимдеринин доктору, доцент
**Н.Ыйсаева** – филология илимдеринин кандидаты

***Редколлегия:***
Акматалиев А. А.
Кадырманбектова А. К.
Нарынбаева Н. О.
Жапаров Г. Д.
Исаева А. К.
Сырдыбаева Р. М.
Өмүров Б. Ж.
Өмүралиева Ж. О.
Тойчубек кызы Ж.

**М 23** **«МАНАС», «СЕМЕТЕЙ», «СЕЙТЕК»** (план-проспект). – Б.: «Илимий журналдар жана балдар көркөм адабият басмаканасы», 2022. – 192 б.

**ISBN 978-9967-12-935-1**

«Манас» эпосу боюнча 1952-жылы өткөн конференциянын чечимине ылайыктуу эпостун бириктирилген вариантын түзүү пландаштырылган. Үчилтик боюнча план-проспект А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, К.Маликов тарабынан түзүлгөн. Эң кызыктуусу ал план-проспектилерди Чыңгыз Айтматовдун которгону болду.

Китепте «Манас» үчилтигине байланыштуу план-проспектилер кыргыз жана орус тилдеринде кандай жазылса, дал ошондой өзгөртүүсүз берилди. Бул план-проспектилер манастаануу илими үчүн маанилүү болуп саналат.

Китеп окумуштууларга, изилдөөчүлөргө, аспиранттарга жана окурмандардын жалпы катмарына арналат.

ISBN 978-9967-12-935-1

УДК 398
ББК 82.3 (3 Кир)

© Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2022

manas-discovery.kg

# АЙТМАТОВ «МАНАСТЫ» КОТОРГОНБУ?! ЖЕ «МАНАС» ЭПОСУ АЙТМАТОВДУ АУЭЗОВ МЕНЕН ТААНЫШТЫРГАНБЫ?!....

Чыңгыз Айтматовдун улуу «Манас» эпосуна кызыгуусу 50-жылдардын ичинде эле башталганын айрым фактылар айгинелеп турат. 1952-жылы Фрунзе шаарында «Манас» эпосунун элдүүлүгүнө байланыштуу Бүткүл союздук конференция болуп, анын талаш тартыштуу жүрүшүн Ч.Айтматов өз көзү менен көрүп, угуп турганын төмөнкүдөй эскерет эмеспи:

«Конференция жабыла берген учурда эшиктен: «Сүйүнчү!», «Сүйүнчү!», «Манасыбызды сактап калдык», «Мухтар кайда, сени тапкан энеден, дагы бүткүл казак элинен айландык!», «Аксарбашыл, аксарбашыл!» деп алкаган кыйкырык сүрөөндөр туш-туштан жаңырды».

Мына ушул улуттук намыс, элдүүлүк сезим жигит кездеги Чыңгыз Айтматовдун жан дүйнөсүн ойготуп, толкундатып, анан биротоло «Манас» эпосуна кызыгуусун арттырып салса керек....

Чыңгыз Айтматов жаш кезинде «Манас» эпосун окуганбы?! Окуса кайсы вариантты, качан окуган?! – деген суроолордун айланасында ой жүгүртө турган болсок, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө туура келет: Ошентип, 1952-жылкы конференция «Манас» эпосунун элдүүлүгүн аныктап, кошмо варианттардын негизинде тексттерди түзүү жолго коюлат. Ал үчүн Сагымбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин, Тоголок Молдонун, Шапак Рысмендеевдин, Молдобасан Мусулман-

manas-discovery.kg

куловдун варианттары тандалып алынат. Бирок бул варианттардын дээрлик баардыгынын тексттери жарыкка чыкпай, институттун кол жазмалар бөлүмүндө кара сандыкта салынып, катылып турган эле.

Көрүнүктүү акын-жазуучулар Кубанычбек Маликовго «Манас» эпосунун, Аалы Токомбаевге «Семетей» эпосунун, Түгөлбай Сыдыкбековго «Сейтек» эпосунун тексттерин даярдоо тапшырылат. «Манас» менен «Семетей» эпосунун варианттары бир нече жана карама-каршылыктуу эле. Ал эми «Сейтек» эпосунун негизги варианты Саякбай Каралаевдин айтуусунда болгон.

Акын-жазуучулар үчүн «Манас» үчилтигинин кошмо вариантын түзүү өтө машакаттуу, татаал, катаал жана жоопкерчиликтүү болчу. Ушундай чыгармачылык процесс жүрүп жатканда жаш жазуучу Чыңгыз Айтматовго «Манас» үчилтигине түздөн-түз аралашууга туура келип жатпайбы?!

Институттун кол жазмалар бөлүмүндөгү материалдарды карап отуруп, Чыңгыз Айтматовдун өз кол жазмасын таап алдым! Ал сыя менен жазылган кол жазма «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун кагазга жазылган план-проспектисинин орусча котормосу экен! «Бали!» – дедим толкунданып, кубанып... Демек, К.Маликов, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков менен Ч.Айтматов, «Манас» үчилтиги аркылуу жакындан кызматташуу болгон турбайбы?! Алардын план-проспектилерин которууда Ч.Айтматов көп жолу эпостор тууралуу сүйлөшсө керек, айрым сөз, түшүнүктөрдү тактаса керек. Эпостун сюжеттери жана манасчылардын варианттары боюнча кызыктуу талкуу, талаштарды угуп, кызуусуна батса керек!

manas-discovery.kg

Ал мезгилде Чыңгыз Айтматов жаңыдан эле айыл-чарба институтун бүтүп, жаңыдан эксперименталдык фермада иштеп жаткан учур болчу. Анын үстүнө, Сталиндик сыйлыктан алынган, аспирантурага жиберилбей, илимге тыюу салынган студент Айтматовго – «эл душманы» Төрөкул Айтматовдун уулуна кыргыз элинин маданиятынын туу чокусу – «Манас», «Семетей» жана «Сейтек» эпосторунун план-проспектилерин которууга мүмкүнчүлүк, уруксат берилиши таң калтырат. Бул окуя өтө жооптуу да, кооптуу да болчу. Ал мезгилде Төрөкул Айтматов «актала» элек мезгил эле. Дагы бир факт карындашы Люцияны «эл душманынын кызы» дешип, жакшы экзамен тапшырганына карабай, борбордук жогорку окуу жайларына жибербей коюшкан.

Эң башкысы Чыңгыз Айтматовдо чыгармачылык таланттын алтыны кумдан али ажыратыла элек бай кени жатканын кимдир бирөө байкаса керек.

Себеби, ал мезгилде Ч.Айтматовдун алгачкы аңгемелери «Газетчик Дзюйо», «Ашым», «Мы идем дальше», «Сыпайчы», «Ак жаан», «Асма көпүрө» орус тилинде чыгып калган. 1952-53-жылдары анын «О терминологии киргизского языка», «Переводы далекие от оригинала» деген макалалары республикалык башкы газета «Советская Киргизияда» жарык көргөн. Ошол себептен Ч.Айтматов план-проспектилерди орус тилине которуп калышы да мүмкүн.

Тагдырдын кызыгы ушул, атасы Төрөкул Айтматов 1925-жылы «Манас» эпосу тууралуу төмөнкүдөй тарыхый документке кол койгон: «Из протокола №28 заседания коллегии агитпрома обкома РКП(б) 23 августа 1925 г. §2. Доклад Тыныстанова о работе Ученсовета.

manas-discovery.kg

[...] 2) Принимая во внимание отсутствие литературы на киргизском языке – считать необходимым в скором будущем издать поэму «Манас»...»

Мына ушул атасы кол койгондон 29 жылдан кийин уулу Чыңгыз Айтматов «Манас» үчилтигинин план-проспектилерин орус тилине которуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп олтурат. Атасы менен уулунун тагдырлары «Манас» үчилтигинде жолугушуп жатканы кокусунан эмес. Ал мезгилдеги студент коомдук ишмер атасынын «Манас» тууралуу тарыхый документке кол койгонун билбесе керек, билиши да мүмкүн эмес болчу. «Манас» эпосу боюнча атасы Төрөкулдун ишин уулу Чыңгыздын улашы, атасынын замандаштары А.Токомбаевге, Т.Сыдыкбековго, К.Маликовго, С.Каралаевге, М.Ауэзовго чыгармачылык жолугушуусу тагдырына жазылган экен. «Манас» эпосу боюнча бүтүндөй кыргыз элин дүрбөткөн 1952-жылкы конференциянын таасири, эпостун бириктирилген вариантын түзүүгө байланыштуу чыгармачылык чөйрө менен жакындан аралашуу болбогондо, балким тагдыры башка нукка бурулуп, илимге кетип калышы да мүмкүн эле... Ал эми Төрөкул Айтматов 1957-жылы 11-июнда СССРдин Жогорку Сотунун аскердик коллегиясы аркылуу акталган болчу.

Ч.Айтматов ал план-проспектилерди которгондо жөн эле механикалык түрдө которо салбагандыгы, ар бир кыргызча сөздү орус тилине жан дүйнөсү менен берилип которгонун көрүүгө болот. План-проспектилер 1954-жылы которулган.

Демек, Чыңгыз Айтматовдун орус тилине которгон план-проспектилер аркылуу Мухтар Ауэзов ме-

manas-discovery.kg

нен сырттан болсо да тааныштыгы «Манас» эпосунун үчилтигине барып такалат. М.Ауэзовдун «Товарищи, я думаю выступать на русском языке... и до сих пор высказывался и писал на русском языке» деп эпостор төмөнкүдөй жыйындарда сүйлөгөн сөзүнөн улам да план-проспектилерди орус тилинде таанышышы мыйзам ченемдүү көрүнүш эле.

План-проспектилерди түзүү өтө оор болгон, түзүүчүлөр варианттардын барын окуп чыгышкан. Институттун Окумуштуулар Кеңеши түзүүчүлөргө өтө катуу талаптарды койгон. 1953-жылдын 19-сентябрында Окумуштуулар Кеңеши атайын Токтом кабыл алган: *«Состояние работы по подготовке проспекта текста эпоса «Манас» считать неудовлетворительным. Просить Т.Сыдыкбекова представить свой раздел проспекта к 1 ноября, а тов. Маликова к 1 декабря 1953г.»* (Бул жерде сөз котормо жөнүндө эмес, план-проспектинин өзү, кыргызча тексти жөнүндө жүрүп жатканы түшүнүктүү эле болсо керек).

«Эпостун кошмо варианттарын түзүүдө бир топ эле каражаттар гонорар катары төлөнүп берилген. Мисалы, академик, төрага И.Акунбаевдин Кыргызстан БК секретары И.Раззаковго мындай деп кайрылган: «Предусмотренные сметой средства на составление проекта сводного текста эпоса «Манас» недостаточны для оплата работы». Демек, котормочу Ч.Айтматовго да гонорар төлөнүп берилген.

М.Ауэзов план-простектинин котормосу менен таанышканда жаш жигиттин тилди жакшы билгенине, маселени жакшы түшүнгөндүгүнө таң калышы деле мүмкүн да. «Ким которду?», «ал ким?» сыяктуу су-

manas-discovery.kg

роолорду өз убагында берип, жаш Ч.Айтматов жөнүндө кабардар болсо керек. Анын адабиятка шыктуулугу, котормого байланыштуу макалаларды жазгандыгы жөнүндө маалыматтар берилгендир.

М.Ауэзов ошол котормолор аркылуу К.Маликовго, А.Токомбаевге, Т.Сыдыкбековго жана башкы редактор Б.Юнусалиевге илимий кеңеш берип турган. Ал кеңеши үчүн Б. Юнусалиев кошмо варианттын биринчи томундагы баш сөзүндө мындай деп белгилеген: «Бир тууган казак элинин атактуу жазуучусу жана окумуштуусу профессор Муктар Ауэзовго бириктирилген вариантты түзүүдө өтө баалуу кеңештерин бергендиги үчүн чоң рахмат айтабыз» .

Ушул «Манас» эпосунун үчилтигинин план-проспектиси менен таанышып жатканда дагы бир көрүнүшкө туш болгондой болдум. Ч.Айтматов М.Ауэзовду качан көргөн деген суроого жазуучунун өзүнүн эскерүүлөрүнөн мындай маалыматтарды алабыз: «Бир жак капталым менен жылып-жылып акыры конференция өтүп жаткан залдын каалгасын шыкааладым. Мойнумду созуп карасам төрдөгү президиумда он-он беш киши отуруптур. Так ортолорунда Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинен ошол кездеги биринчи секретары Исхак Раззаков, анын оң жагында ай маңдайы жаркырап Муктар Ауэзов отурат. Мухаң менен бетме-бет кездешпесем да чыгармаларында басылган сүрөттөрүнөн көрүп тааныдым. Жан-жакасындагыларга нур чачып отургансыган улуу инсандан көзүмдү алгыдай эмесмин».

Эң башкысы Ч.Айтматовдун М.Ауэзов менен биринчи бетме-бет кездешүүсү «Манас» эпосу менен байланыштуу болуп жүрбөсүн. Балким ал эскерүүлө-

manas-discovery.kg

рүндө жөн гана камтылбай калгандыр. Эскерүүнүн дагы бир жеринде мындайча делет:

«Улуу устатым менен экинчи ирет кездешүүм айрыкча кызык. Москвадагы М.Горький атындагы Бүткүл дүйнөлүк адабият институтунун эки жылдык курсунда окуп жүргөн кезим..... Ушул убакта эшик жакка көзүм түштү, ийин тирешип тургандардын арасынан Ауэзовдун тааныш өңүн көрүп калдым. Кечирээк келип калса керек. Президиумда олтургандар Мухаңды байкашпадыбы, көрүшсө да ичкери өтүүгө мүмкүн эмес эле. Ушул учурда дем алыш жарыяланып калды. Залдагылар убашып-чубашып сыртка жөнөшкөндө мен да жан дилим менен Мухаңа жетүүгө үлгүрдүм.

– Ассалоом алейкум, – деп кош колумду суна бердим.

– Уалеким ассалам, кайдагы баласың?

– Кыргызстанданмын. Атым – Чыңгыз. Ушул жерде жогорку адабий курстун угуучусу элем. Менин ордума олтуруңуз агай, жүрүңүз!

Мухаң ичкери өтүп орундукка жайгашты. Чөнтөгүнөн бет аарчысын алып тердеп чыккан кашка маңдайын ашыкпай сүрттү.

– Ырахмат, айланайын, – деди өзүнүн жанында куурайдай болуп турган мага мээримин төгө карап, – багың ачылсын!

Мен үчүн мындан артык бата жок эле.»

Демек, экинчи жолугушуу болгондон кийин биринчи жолугушуу болду да. Качан, кайдан болду? Кандай жагдайда болду? Кимдер менен бирге болду?

Мен ушундай суроолордун жандырмагын «Манас» эпосунун кошмо варианттарын түзүү процессиндеги мезгилден издедим.

manas-discovery.kg

Чыгармачылык тагдыр ошентип Ч.Айтматовду «Манас» эпосуна байлап койгон болчу. «Ошол конференцияда эпоско күйөрман болуп каалгадан шыкаалап турганымды айттым. Кийинчерээк арадан отуз жыл өтүп, «Манастын» алгачкы толук басылышына башкы редакторлук кылып, баш сөз жазаарымды, дүйнөлүк деңгээлде өткөн эчен жыйындарда ал тууралуу маселе коерумду билсемчи», – дейт.

ПОСТАНОВЛЕНИЕ
Президиума Академии наук Киргизской ССР
О Составе редколлегии эпоса «Манас»,
Издаваемого издательством «Кыргызстан»
Президиум АН Киргизской ССР
ПОСТАНОВЛЯЕТ:

Включить в состав редколлегии эпоса «Манас», издаваемого издательством «Кыргызстан», следующих товарищей:

Ч.Айтматова (гл.редактор)

Президент Академии наук
Киргизской ССР К.Каракеев

Главный ученый секретарь
Президиума АН
Киргизской ССР Ю.К.Неболюбов

Ч.Айтматовго «Манас» эпосун орус тилине которуу боюнча сунуштар да түшкөн. Тил жана адабият институту тарабынан орусча даярдалып жаткан Сагымбай Орозбаковдун вариантына катышып берүү сураныччтарын төмөнкү документалдуу фактылар күбөлөп турат.

manas-discovery.kg

АКАДЕМИЯ НАУК СССР
ИНСТИТУТ МИРОВОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
им. А.М.ГОРЬКОГО
№14402-633е . 5 февраля 1975 г.

ЗАВЕДУЮЩЕМУ ОТДЕЛОМ «МАНАСА» ИНСТИТУТА ЛИТЕРАТУРЫ И ЯЗЫКА АКАДЕМИИ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР С.М.МУСАЕВУ.

Я очень ценю художественный талант Айтматова и его глубокое проникновение в киргизский национальный мир. Мы были бы весьма довольны, получив его помощь в создании, например, высококачественного перевода «Манаса». Мы должны развеять миф о научном издании, как о публикации маловыразительных, а подчас и малопонятных подстрочников. Мы будем добиваться подлинной художественности текстов «Манаса» на русском языке.

И, разумеется, в таком трудном деле лучше было бы обьединить наши силы. Айтматов может выступать в нашем академическом издании в любой роли, я думаю, что и Вы не будете против.

С глубоким уважением А.Петросян

АКАДЕМИЯ НАУК СССР
ИНСТИТУТ МИРОВОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
им. А.М.ГОРЬКОГО
1440-633 з. 27- 2-1975.

Дорогой Самар Мусаевич!

Об участии Ч.Айтматова в подготовке академического канонического текста «Манаса». Мы хотели бы его видеть в роли активного участника обсуждения

manas-discovery.kg

трудных и кардинальных вопросов определения сюжетного состава канонического варианта эпоса.

Желаем Вас успехов и доброго здоровья.

С глубоким уважением А.Петросян.

Ч.Айтматов өзү да «Манас» эпосун дүйнөгө таратуу тууралуу идеяны көтөрүп жүргөн. Бирок коомдук жана чыгармачылык иштерден бошой албай калган.

Жарык көрбөй калган «Чоор жана жер» чыгармасында эпостун сюжеттик өзөгүнүн негизинде эч бир вариантта сөзмө-сөз жолукпаган ыр саптарын жазган. Окуянын мааниси эпоско үндөшүп турат, бирок жазуучу Манас баатырдын жана Каныкей жарынын ички дүйнөсүн өзүнүн жеке чеберчилиги менен ачып берген. Балким Ч.Айтматов эпосту өтө эркин котороюн деп да ойлосо керек:

Растащат они народ по кускам, после смерти моей,
Откроют они ворота врагам, после смерти моей,
Зальют они кровью раздоров, после смерти моей,
Землю кыргызскую от дверей до дверей,
после смерти моей.
На последнем дыхании заклинаю тебя, Каныкей,
Унеси от них дальше Семетея, сына нашего,
Каныкей.
На последнем дыхании заклинаю тебя, Каныкей,
Сбереги от них сына нашего Семетея, сбереги,
Каныкей.
На последнем дыхании заклинаю тебя, Каныкей,
После смерти моей уходи, Каныкей, прощай
Каныкей.

manas-discovery.kg

* * *

В этот просторный мир от злобы людей
не вмещаясь,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару.
В этот обжитый мир мести людей не вмещаясь,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару
Чтобы сына Манаса взрастить на чужбине
далекой,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару.
Чтобы снова вернулся он в горы кыргызские,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару.
Чтобы с кличем Манаса поднял он знамя
отцовское,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару.
Чтобы с кличем Манаса в едино собрались
кыргызы,
Ухожу, ухожу, ухожу в Бухару.

Ошону менен бирге «Чоор жана жер» чыгармасында жазуучу Будда жөнүндө ой «Манас» эпосунда айтылат деп, төмөнкү саптарды келтирип жатат.

«Он надменен, непроницаем, как лед,
Точно бы в целом мире один он.
И творец, и каган, и владыка.
Точно бы знать не желает
Никаких он иных богов
Он надменен, он спокоен и вечен
Как море, как глыба скала.
Он, как пещера глубокая
Неизвестно, что в мыслях его затаено,

manas-discovery.kg

Он скопец и мудрец
И мужчина и женщина телом
Он сидит, руки скрестив на груди,
Не боится ни пики, ни сабли.
Только свалить его можно
Обвязав волосным арканом,
Чтобы лежал он в землю уткнувшись,
Чтобы не думал, что думал, что выше людей он,
Чтобы не сглазил батыров в набеге,
Чтобы вольные крики носились,
Чтобы вольные кони бежали».

Мындай текст эпостогу текстке дал келбейт, демек, жазуучунун өз оюнан чыгарылган деп эсептесе болот.

Ч.Айтматовдун «Манас» эпосун кара сөз түрүндө жазуу жөнүндөгү оюна убакыттын тардыгы себеп болгон. Ошондуктан, ал Ашым Жакыпбеков менен Кеңеш Жусуповго идеясын айтып, тапшырма берип, Жазуучулар Союзунда сектор ачып, көзөмөлдөгөн.

Бул улуу акын-жазуучулардын план-проспектилери жана Чыңгыз Айтматовдун котормосу жалпы коомчулук, анын ичинде илим үчүн кандайдыр бир деңгээлде кызыктуу жана маанилүү деп эсептейм.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» эпосу Ч.Айтматовго чыгармачылык космоско учууга старт аянтчасы болгон. Ч.Айтматовду «Манас» эпосу жана М.Ауэзов менен бөлүп кароого болбойт. «Манас» эпосу Ч.Айтматовду М.Ауэзов менен «Жамийла» повестине чейин эле кандайдыр бир деңгээлде тааныштырып койгон деген пикирдемин.

**Абдылдажан Акматалиев**

manas-discovery.kg

## «МАНАС»
## *(Проспект)*

«Манас» – бала күнүнөн элдин таламын талашкан, ар качан адилеттик үчүн күрөшкөн, көбүнчө тышкы жана ички душмандар менен кармашканда эч качан өз башын аябаган, чачылган элди, чет элдик баскынчылардын тепсендисинде калган элди чогултуп, элге сүйкүмдүү болгон чыгаан баатырлардын жетекчилиги астында кошундарды топтогон, кайсы элдин болбосо да адилет, эр кишилерин жактап, колдоп жана өз айланасына чогултууга аракет кылган ашкан баатыр, акылман, согуштук жол башчы – кол башчы. Ошон үчүн Манас баатыр байыркы чоң эпостун баш каарманы боло алган. Манас сөздүн тике маанисинде өзү найза кармап, өзү кылыч чаап, өзү мылтык атып, жаа тарткан, кезегинде мал бакса, кезегинде дыйканчылык кылган жана эң карапайым, кичине адамдар менен сүйлөшө билген, аларга ишенген, жеткен ак көңүл, ак ниет баатыр. Манас сүйө да билет, кайгыра да билет, ишти бузгандарды кагып-силкип, жөнгө салууну да билет, адашкан, алсыраган, олку-солку болуп турган адамдарды сөзү менен кайраттантып кубантып, жоого каршы көтөрө да билет. Ал кандай иште болсо да кыраакы, көрөгөч жана өзү аша чаап бара жатса, бирөөнүн айткан акылын угуп, андан пайдаланганды да билет. Анын жанында дайым кырк чоросу болот, ага дайым кеңеш берип туруучу көптү көргөн көп жашаган Бакай, Кошой сыяктуу акылман баатырлар да болот. Манаска көбүнчө ошол акылмандар таасир кылат. Эпос мына ушундай баш баатыр жөнүндө ыр-

manas-discovery.kg

дайт. «Манас» эпосу өзүнүн мүнөзү жагынан согуштук, эл аралык окуялардын негизинде курулган, элдик таламды көздөгөн баатырдык, патриоттук эпос.

Манас боюнча жыйынтыкталган вариантты түзгөндө мен баштан аяк так ушул пикирлерди кагаз бетине түшүрүү аракетинде болмокмун. Эпостун Манас бөлүмүндөгү элдин сүйгөн баш каармандары Манас, Акбалта, Кошой, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Төштүк, Көкчө, кырк чоро, аялдан Каныкей, Сайкал, Карылгач, Акэркеч, Арууке, элдин жек көргөндөрү: Алооке, Коңурбай, Жолой, Нескара, Жакып, Абыке, Көбөш...

Менин оюмча бириктирип жыйнакталган вариант негизинен алганда төмөнкү окуяларды өз кучагына алат.

### *1. Кыргыздардын Ала-Тоодон сүрүлүшү*

Манастын атасы Жакыптын обол баштап кедей жүрүп, Бакайдын атасы Байакенин карамагында дыйканчылыктын аркасында оокаттуу болуп, эл оозуна кире баштайт. Өз эмгеги менен күн көргөн киши экендиги элестетилет.

Калмактардын ханы Алооке аскери менен келип, кыргыздарды чаап, кырып, таратып, калгандарын эзип, ыза кордук көрсөтөт. «Алооке деген хан чыкты, айбатынан жан чыкты» дешет жомокчулар. Алоокенин кысымынан качып, Кыргыздын белгилүү негизги уруулары туш-тушка таралып, жана сүрүлүп кете баштайт. Манастын атасы – Жакып, Чубактын атасы – Акбалта Алтай тоосун карай сүрүлүп кетишет...

manas-discovery.kg

### *2. Манастын төрөлүшү*

Алтайда кыргыздар жыйналып эптеп күн көрүп турушат. Алтын кенин казып, калмак феодалдарынын малын багып, эгин айдашат. Калмак феодалдары кыргыздардан алым алып турушат

Баласыз зарлап жүргөн Жакып бала жөнүндө сонун түш көрүп, эл чогулуп түш жорутат.

Көп узабай Манас төрөлүп, качкан-бозгон кыргыздар чоң кубанычта болуп балага ат коюшат.

Манасты козу кайтартып койсо, балдарга марттык жана баатырдык көрсөтүп, кырк баланы өз айланасына чогулта баштайт.

Манаска жана аны ээрчиген балдарга калмак феодалдарынын балдары кол салат. Манас аларга адилеттик эрдик көрсөтөт.

### *3. Манастын баатырдык көрсөтө баштаашы*

Манастын бала, жигит чагы – калмактардын биринчи кол салышына курдаш балдары менен бирдикте куралдуу күч менен жооп кайтарат. Эл дагы Манастын кыйындыгына ишенип, анын тегерегине мыкты уландарды жыйнай баштешат.

Калмактын чоң феодалы жана баатыры Жолой менен биринчи жолу кезгишип, өзү тийген душманды майданда жеңип качырат.

(Жолой өзү кербенчи болуп, кыргыз айлына чалгынга келген эле).

manas-discovery.kg

### *4. Эсен-Хандын Манасты издетиши*

Жаш баатыр Манастын кабары Эсенханга жетип, монгол-калмактар күчүн коркунучтуу болгон жаш бурут баатырды издеп Алтай, Самарканга чейин тыңчылар келе башташат.

Душмандардын Манасты жоготууну ойлогон пикирин түшүнө калышып, кыргыздар Манаска «Чоң жинди» – деп ат коюп, Манасты жашырып калышат да ошол шартта жаш Манас эр жетип, күчкө толот.

### *5. Манас Ала-Тоого келүүгө камынышы*

Манас өз элинин жери Ала-Тоо экенин билип, турган элге кетүүгө күч жыйнап, аскер курап, айлын даярдай баштайт.

Бакайдын атасы Бай деген карыя Кашкар жактан тууганы Жакыпты издеп Алтайга келет, жолдон калмак феодалы Нескаранын колуна түшүп калып, капилеттен кутулат. Алооке менен күрөшүп турган Кошой дөөнүн Манас менен байланышып, Манасты жерине келип, өз элине башчы бол деп чакыра баштайт.

### *6. Манас ата конушун душмандан бошотот*

Манас аскери менен кыргыз жерине обол киргенде, Каркыра-Текестеги калмактардын каршылык көрсөтүп, уруш болот. Майданда Манас жеңип чыгат. Ага жол ачылып, эл тарабынан зор кубаныч менен тозуп алынат. Өз элинин бир четин душмандардан бошоткондугу үчүн эл аны өзүнүн коргоочусу деп санайт.

manas-discovery.kg

Манас баатыр Чаткал тоолорунда, Чыйырчык суусунун боюнда койчу-жылкычылар менен кезигишип, жана аларды душманга каршы аттанууга чакырат.

### *7. Манас баатыр Алооке ханды кетиргени*

Бүткүл кыргызды эзип турган Алооке ханга Манас «Мен сенин эл-жериңе тийгеним жок, сен да менин жеримди сыйың менен бер, болбосо, кан төгүлгөн кармашка чык» деп, өзү коркпой аскери менен Алооке хандын үстүнө баса келет.

Алооке-хан ачык жооп берүүнүн ордуна Манастан корккону нан качып, Жунгарияга кирип кетет. Өз жерине барып уулу Коңурбайды Манаска каршы даярдай баштайт.

Манас өз жерине келгенде элди дин арылуу алдап, коркутуп жана малын карактап алып жеп турган Олуят чалды өлтүрөт. Жомчулар бул жөнүндө «Ополдун тоосун түптөдү, Олуят чалды бүктөдү» – деп айтышат.

### *8. Манастын дыйканчылыгы*

Манас Таласты жердеп, кырк чоросу куралып Манаска ар башка элден баатырлар, акылман кеңешчилер келе башташат.

Манастын атасы Жакып улам картайган сайын сараң болуп кичи катындын балдарына тартып кетет, Манастын марттыгы, меймандостугу үчүн көр жемелик көрсөтүп, абышка Манаска тил тийгизе баштайт.

Манас атасынын сарандыгына чыдабай Анжиян бетине түшүп, эгин айдап, дыйканчылыгын кылып,

manas-discovery.kg

Кашкардан келген нойгут уруусунун башчысы (ханы) Карача деген кишиден өз буудайына Аккула тулпарды алмашып, Карачанын жутка учураган элине ченемсиз көп эгинин марттык менен кармата берет.

### *9. Манастын Каныкейге үйлөнүшү*

Манастын аскер башчы баатыры Чубак чалгынга барса Букардын жеринде кыз баатыр Каныкей сайышка чыгыгат. Каныкейден качып келаткан Чубакты Манас өзү куткарып алат.

Каныкейди Манас жактырып калып, атасы Темирхандын (Кара хандын) Манаска кызын берүүгө каршылыгына карабастан, көп калың салып качырууга аракет кылышына карабастан, жалаң мал эмес тоодогу кайберенди кошо айдап барып, баса барып үйлөнөт.

### *10. Көз камандар окуясы*

Эсен-хандар Манастын элинин ал-жайын билүү үчүн калмак жеринде калган Үсөндүн (Көзкаман атыгып кеткен Манастын тууганын) балдарын тыңчы кылып, кыргыздын сырын тартууга Манаска жиберет. Алар ырайымсыз жоодон качып чыккан, азап чеккен туугандардай болуп жүдөгөнсүп кол алдына келишет.

Манас аларды ак пейили менен тосуп алып, аларга мал, дүнүйө, жер-суу, үй-жай бөлүп берет.

Каныкейдин Көкчөкөздөн шек алып, Манаска алдын ала айтып, сак болгун дейт. Манас ишеничтик кылып ал «туугандарына болушуп, Каныкейдин эскер-

manas-discovery.kg

түүсүнө кулак какпай коёт. Ал гана эмес, туугандардан көзү каткан баатыр сүйгөн аялын жекирип да салат.

Бейли жаман Көкчөкөз Манасты алдап конокко чакырып, бозого кошуп уу берип, ошону менен Эсенхандын буйругун орундап, бийликти өз колуна алып, Манастын ордун ээлегиси келет.

Манас Үсөндүн (Көкчөкөздүн атасынын) балдары менен чатакташа баштайт.

Баатыр аял Каныкей Көкчөкөздөрдүн Манаска кылган жамандыгын билип, кырк чоронун уу кошкон бозодон ичпей соо калгандары менен бирге чыккынчылардын колунан Манасты куткарып, өлүмдөн аман алып калат.

Көзкамандын балдары менен кырк чорого чыккынчылар калмак жерин көздөй качат. Каныкейлер кубалап, аларды жеңип, жок кылат. Манас ошондон кийин Каныкейдин акылына биротоло баш ийип, аны чындап сыйлай баштайт. «Үстүңө катын албасмын, артылып камчы чаппасмын» – деп айткан экен дешет жомокчулар.

### *11. Карлыгачтын жоо колуна түшкөнү*

Манастын карындашы Карлыгач, баатыр кыз Сайкал экөө кыргыз жерине кол салып кирген баскынчы Коңурбайдын аскери менен согушат. Карылгач көп аскерге туруштук бере албай колго түшүп кетет. Коңурбайдын мыкаачылары Карылгачты аябай кордоп, жаман түрдө ызалашат. Бирок, патриот кыз жоого сыр бербей бардык кыйынчылыктарга чыдап коёт.

manas-discovery.kg

### *12. Алмамбет баатырдын Эсен-хандан качып чыгышы*

Алмамбет баатыр Коңурбайдын адилетсиздигине, зулумдугуна чыдай албай аны менен чатакташа кетет. Коңурбай Алмамбеттин «бузукчулугун» айтып, Эсен-ханга даттанып барып, Алмамбетти жоготуу аракетинде боот.

Алмамбет да Эсен-ханга бир турган жеринде беттерине айтат. Алмамбеттин түрүн көргөндөн кийин Эсен-хан менен Коңурбай биригип Алмамбетти кокунучтуу киши катарында өлтүрмөкчү болушканда Алмамбет алар менен урушуп, калмак жеринен качып чыгат. Түштүк кыргыздардын жомокчулары да Алмамбет калмактын ак бадышасын өлтүрүп качып чыккан деп айтышат экен. Алмамбет ошондон Көкчө баатырга келип туруп, эл ишинде адилеттик көрсөтөт. Өз душманы Коңурбай, Жолойлордун жылкысын тийип Көкчөгө алып берип турат.

### *13. Алмамбеттин Манаска келиши*

Казак феодалынын Көкчөнүн көтөрүлүп кетишин көрө албай Алмамбетти Көкчөнүн аялы Акеркеч менен көңүлү жакын болуп алды деп ушак таратышат. Иши кылып Алмамбетти кетирмекчи болушат.

Акеркечтин акылы менен Алмамбет кең пейилдүү Манасты издеп Таласка жөнөйт. Манас Алмамбетти ат чаптырып тосуп алат.

manas-discovery.kg

### *14. Көкөтөйдүн ашы*

Маркум Көкөтөй хандын уулу Бокмурун Манаска кеңешпей туруп, Манастын алардан мыкты чыгып, жалпы элди колуна алганын көрө албаган алты хандын кеңеши менен досту да, касты да чакырып, атасы Көкөтөйгө чоң аш берүүгө камданат.

Бокмурундун Манаска тоотпостук көрсөткөндүгүнө эл ичиндеги наразычылык чыга баштайт (Баймырзанын окуясын эске алсак болот).

Калмактардын хандары, баатырлары, башчылары Коңурбай, Жолой, Нескаралардын ашка келиши, аш берип жаткан кыргыздын чамасын байкап көрүшөт. Алар ар кимиси өзүлөрүнүн аскерлери менен келишкен экен.

Душмандар «Бул ашта кыргыз аз экен, Манасы жок экен, адегенде кемегеден чыр баштап, тийишип көрөлү, күлүк аттарын, Манастын башын сурап доомат кылып, эгер сураганыбызды бербейт экен, кыргызды чаап кетели, күлүк ат, мыкты кишилерин олжолоп алып кетели» – дешип кеңеш кылышат.

Жомокчулар Коңурбай, Жолойлордун ашка кол салып, этти талап, элди коркута баштаганын шылдыңдай ырдашат. Бокмурун Коңурбайлардын каарынан коркуп алты ханга кеңешке келет. Алты хандан акыл чыкпайт. Мааникер күлүктү баштап, Бокмурун душмандардын сураганын бермек болот.

Ошондо ак сакал Кошой гана «Душмандын талабына баш ийүү, күлүк ат, эл берүү душманга кул болуу деген иш. Андан көрө куру намысты коюп, Манасты чакыртып, душман менен кармашып алыш керек.

manas-discovery.kg

Душман бүгүн Мааникерди сураса, эртең Кошойду сурайт. Анан ошентип улам сураганын бере берсек кынык алып, мойнубузга минип алат. Андан көрө эптеп убакытты созуп, Манасты чакырыш керек, душманга шамиян кайруу керек» – дейт. Кошойдун бул акылына айласыздан артынан макул болушат.

Бирок, Кошой: «Манас жөн чакырсак, таарнып калган баатыр келбейт. Ошондуктан эл-жерибизди душман чаап кетти, Кошой абаң баштап калмактардын колуна түшүп кетти, эл кырылып, катуудан казан, жумшактан күлү калбай калды десең келет. Айып Бокмурунда болду, келип, эл, жерди душмандан куткарып ал десең келет, болбосо келбейт» – деген кеңеш берет.

Кошойдун айтуу боюнча так ошондой делинип кат жазылып, Манаска (Каркырадан Таласка) атайын чабарман жиберишти.

### *15. Манас баатырдын Каркырага барып аш башкарып бериши*

Албетте Манас Көкөтөйдүн ашы өтүп жатканынан кабардар жана ачуусу келип турган кези эле. Атайын чабарман келгиче барайын деп ойлогон да эмес. Чабарман келгенде да баруу, барбоо маселесин айтпай ойго батып калат. Алты хандын мансапкордугуна, Бокмурундун кем акыл киши экендигине кыжыры келген Манас көпкө чейин чабарманга жооп бербей турат. Каныкей «Элде айып жок, элди жоодон куткарып калыш керек» – деп кеңеш берет. Манас өз таарынычын унутуп, эл намысын сактап калуу үчүн көп баатырлары менен, сүйгөн жары Каныкей менен ашка жөнөйт.

manas-discovery.kg

Манастын келиши менен аштын түрү дароо өзгөрөт. Кыргыздар жанданып, күч алышып, Манастын айланасына чогула баштайт.

Манас душмандардын талабын (коркуткан, басынткан) кабыл албайт. Душмандарга күч көрсөтүп, кайсы бирөөлөрүн кылмыш үстүнөн сабап айдап чыкса, кайсы бирөөлөрүн уялтып коёт. «Ашты берген эл бийлейт» – дейт Манас.

Коңурбай анткордук менен Манастын алдына түшүп, жарашымыш болот. Бирок, алдыртадан бир ыгы келе түшкөн учурда ашка кол салууга даярдана берет.

Атайын спорттук жолугушуулар болот. Кошой менен Жолойдун күрөшү, Манас менен Коңурбайдын сайышы башталып, кыргыз баатырлары душмандарды жеңип кетишет. Калмак феодалдарынын ачуусу келет. Манас сайыштан кийин ак көңүлдүк менен Коңурбайдын аты Алгараны кайра берет. Конурбай мурдагыдан да катуу кекенип калат.

Ушул ашта эле Кошой балбанга түшөрдө өзүнө чак келген кандагай шым үчүн Манаска жана Каныкейге эркек уулдуу бол деп бата берет. Каныкейдин иштүүлүгүнө эл ыраазы болот.

Ат чабыш. Ат чабышта арамзалык кылып Коңурбай Алгарасын байгеге кошпой калат. Манас болсо Аккуланы байгеге кошуп жиберген. Байгеден Аккула чыгып келет. Коңурбай баштаган душмандар кыргыздар чыгып келген аттар менен алагды болуп турганда, аттардын байгесин тийип, кыргыз айлын четинен чаап алып качып жөнөшөт.

Манас баштаган кыргыз баатырларынын Коңурбайдын аскери менен кыргыз калмак чек арасында,

manas-discovery.kg

Текестин бетинде урушу болот. Кандуу беттешүүлөр, аеосуз кыргындар. Коңурбайлар жеңилип, айдаган малды таштап, өзүлөрү качып кетишет. Манастар малды кайрып, кайра элге келели дешет.

### *16. Коңурбайдын чабуулу*

Таласта эл бейкут жатканда Чубак баатыр менен Каныкей көңүл жакын болду деген ушак тарап, Чубак уялган бойдон аскери менен өзүнүн Нойгутуна качып кирип кетет. Манас менен Бакай тараган ушакка ишенбей Аккула тартып, артынан барып, Чубакты кайра алып келишет. Алдыртадан аңдып жаткан Коңурбай Чубактын кетип калышын угуп, Манастан өч алып, элин чабуу үчүн көп аскер, кыйын мергендери менен Таласка баса келет. Манаска Чубак кайра келип, Таласта болгон уруш...

Манас элин көп камынтпай баскан калмак феодалдарынын колунан, алардын айласыз мыкты мергени – Шыпшайдар (Кожожаштын) колунан Алмамбет, Сыргак, Чубак жана башка баатырлар өлөт. Манас кокусунан жарадар болот.

### *17. Манастын дүйнөдөн кайтышы. Күмбөс салуу*

Манас баатыр катуу жарадар үйүнө келип керээз айтып жатып өлөт. Элдин кайгысы. Каныкейдин арманы. Манасты көмүү. Күмбөз салуу.

Бул жаңы толуктоолордо Молдобасан менен Сазановдун, Сагымбай Орозбаковдун, Ыбырай Абдырахмановдун, Шапак Ырысмендеевдин варианттарынан пайдаланылат.

manas-discovery.kg

«Манас» бөлүгүн иштеп чыгууда жалпы жыйынтык катарында төмөнкү пикирлерди айткым келет:

1) «Манас» негизинен жогорку көрсөтүлгөн варианттардан кураштырып алынмакчы. Көрсөтүлгөн жомокчулардын акындык таланты, окуянын куюлуштуруп келтирилиши, акыл фантазиясы бир деңгээлде эмес. Ошондуктан стили да, тил байлыгы да, сюжет курулушу да бирдей эмес. Бул окуяларды үстүрт гана жамаштыра салганда «Манас» жамачылуу эпоско айланат дагы көркөм чыгарма болбой калат. Көктөмө, курама Манасты басмага чыгарып эмне кереги бар? Ошондуктан ырларын көп учурларында жеткире иштөө, кайы бир жерлерде пикирлерди жеткире айтуу, айрым бөлүмдөрдү бир-бирине ыр менен албетте эпостун өз стилин сактап – эп кыюу маселеси турат. Ошондуктан акындык иштеп чыгуунун болушу шексиз зарыл. Ошол убактыда – менин оюмча – «Манас» эпосунун сюжети кызыктуу болуш жагы жана көркөмдүк жагы өз жайында болот.

2) Сагымбай Орозбаковдун варианты идея жагынан көп булганып, айрыкча баш-аягы биздин керегибизге такыр жарабай калышына карабастан, анын орто жерлеринде бир канча бөлүктөрүн коркпой пайдаланышка болот (Маселен: Манастын төрөлүшү, балалык чагы, Алооке ханды кыргыз жеринен кубалашы, Алмамбетти тозушу, Көкөтөйдүн ашынын экинчи жартысы – айрыкча аштын тамашасынан баштап ж.б).

Сагынбай варианты жөнүндө сөз кылганда Сагымбайдын жомогун аябай бузуп айттырууга душмандар өтө катуу киришкенин дайым эске алыш керек. Ошону менен катар бул маселе жөнүндө маркум Тоголок

manas-discovery.kg

Молдо Абдырахмановдун Сагымбай менен болгон атайын сүйлөшүүсүн айтпай кетүүгө болбойт.

Тоголок Молдо Сагымбайдан «Манасты» жаздырып бүткөндө эпос кандайча жазылганынын жайын сураганда Сагымбай ага: «Ээ – Молдом – ай, Манас өзүм айтып жүргөндөй берилбестен, бир канча жерлери өзгөрүлүп берилди» – деген (Тоголок Молдонун чыгармасы боюнча 1357 инвентарында 1938-жылы, 18-мартта ушул сөздөр жазылып коюлган).

Ал эми, Сагымбайдын вариантынын айрым главалары болсо саясы ыландардан аман сакталып калган. Көркөмдүк жагынан алганда Сагымбайдын ошол биз жакшы деген главаларынын ырлары бизге белгилүү болгон. Бардык жомокчулардыкынан алда канча жогору турат.

Улутчулдар, панисламистер дагы чабал ырчыны издебей, чоң талантуу кишини өз жактарына тартып, анын күчтүү, таасирлүү сөздөрүн өздөрүнүн душмандык максаты үчүн пайдаланмак болушканын жана белгилүү даражада пайдаланып деле жиберишкенин эске алышыбыз керек. Бул күнгө чейинки жазылып калынган жомоктордун ичинен тилинин байлыгы, көркөмдүгү жагынан, жартылышты сүрөттөө, сүйүү окуяларын келиштирип көрсөтүү жагынан – менин оюмча – Сагымбайдын вариантынан күчтүүсү жок. Ошондуктан Сагымбайдын вариантынын жакшы жактарынан пайдаланууга кенен мүмкүндүк берилиши керек.

Менин мурунку жазып берген долбоорумда Алмамбетти кошпосом да, бул жолку проспектимде коштум. Анткени: манасчы Ыбырай Абдырахмановдун вариантында Алмамбеттин эмнеликтен кыргызга

manas-discovery.kg

оол келиши эң ишенимдүү сүрөттөлгөн. Эпоско орду менен байланышып, идеясы ачык болуп турат. Ошондуктан азыр Алмамбет окуясын кошууга болот. Алмамбеттеги адилеттиктин болгондугу жана анын өзү дагы дайым эл жагында экендиги көрүнөт.

3) Манас эпосундагы болгон окуялар чындыкта кытай менен эмес, калмак, монголдор менен болгондугун бардык варианттар далилдейт. Айрыкча түштүк кыргыздардын оозунан жазылып алынган кичинекей үзүндүлөрү да буга далил. Түштүктөн алынган Манастын үзүндүлөрүнүн бардыгы дээрилик Манас жана анын баатырлары калмактар менен урушкан деген пикирди айкындашат. Түндүктүн манасчыларынын айткандарында деле кээде гана кытай деп койгону менен бардык кагылышуулар калмак уруулары менен, согуштар калмак, монгол жерлеринде болуп жаткандыгын далилдеген (Маселен: уруулар: тыргот, Шиба, Солон, Ак койлуу себил ж.б шаарлары: Шихо, Туңша, Кара шаар, Кукуноор ж.б.).

Бул жерлерде азыркы кундө дагы көбүнчө калмактар тура тургандыктары талашсыз. Окуянын көбү Кангай тоосунун айланасында өтөт. Ал эми Каңгай тоосу болсо бул күнкү Моногол республикасында. Жыйынтыктап келип айтканда «Манас» эпосундагы болгон кагылышуулар кытай менен эмес, негизинен калмактар менен экендиги эч күмөнсүз.

Ошондуктан бизге эпоско көбүнчө калмак деп киргизүүгө туура келет.

«Манас» эпосу боюнча менин оюмча ушул түзүлгөн схемага тил, адабият жана тарых институтунун архивиндеги материалдардан жомокчулар С.Кара-

manas-discovery.kg

лаев, С.Орозбаков, М.Мусулманкулов, Б.Сазанов, И.Абдрахмановдун, Ш.Ырысмендеевдин варианттары толук жана жетиштүү негиз болуп атат. Ушул варианттардагы материалдар аркылуу жыйынтыкталган вариант келип чыга тургандыгын чоң ишеним менен айта аламын.

**Кубанычбек Маликов**

**12/III – 1954**

manas-discovery.kg

# МАНАС
# /ПРОСПЕКТ/

Легендарный батыр, мудрый, искусный полководец и военачальник, Манас еще с детских лет становится защитником народа, постоянным поборником справедливости, самоотверженно борется с внешними и внутренними врагами, организует воссоединение раздробленных под стопою чужеземных захватчиков народов в единое целое, привлекает к себе через батыров, завоевавших любовь народа, соседние племена, покровительствует справедливым и смелым людям любого народа, сплачивает его вокруг себя. Именно в силу этого, Манас оказался достойным быть главным героем великого древнего эпоса. Манас, в полном смысле слова, батыр, который сам мчался с пикой на перевес, держал в руках меч, тянул тетиву лука, порою разводил скот, занимался земледелием. Манас был доверчивым, честным человеком, умеющим по душам разговаривать с простолюдинами. Ему доступна и любовь, и печаль, и умение воздать достойное показание развалившим дело, привести их в порядок, ободрить и вдохновить слабых, заблуждающихся и колеблющихся людей и поднять их на борьбу с врагами. В любом деле Манас проявляет рассудительность и прозорливость, а в случае своего неуместного увлечения чем-нибудь прислушивается к советам других, извлекая из этого полезные уроки. При нем всегда находились неотлучные сорок чоро (богатырей). Манас всегда советовался с имеющими большой жизненный опыт мудрыми батырами, как например, Бакай и Кошой. Эти мудрые

manas-discovery.kg

батыры оказывали огромное влияние на Манаса. В эпосе именно воспевается такой выдающийся батыр. По своему содержанию эпос «Манас», построенный на основе международных событий и отражающий интересы народа, – героический, патриотический батальный эпос. Работая над сводным вариантом эпоса «Манас», я намерен от начала до конца красной нитью провести именно эти высказанные соображения.

Среди главных героев «Манаса» есть положительные герои, заслуживающие глубокую народную любовь. Таковы Манас, Акбалта, Кошой, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Тоштук, Кокчо, сорок чоро, среди женщин: Каныкей, Сайкал, Карлыгач, Акеркеч, Арууке, и есть отрицательные герои, презираемые народом, как Алооке, Конурбай, Жолой, Нескара, Жакып, Абыке, Кобош.

На мой взгляд, сводный вариант эпоса должен охватить, в основном, следующие события и состоять из 18 частей или глав:

### 1. Вытеснение киргизов из Ала-Тоо / киргизы вынуждены покинуть Ала-Тоо/

В этой части говорится о том, как отец Манаса Жакып, будучи бедняком и крестьянствуя совместно с отцом Бакая Бай аке, с его помощью выбивается в число состоятельных людей и приобретает известность в народе.

Калмыкский хан Алооке вторгается в земли киргизов, грабя и разоряя народ, ввергая его в рабство. Сказители говорят: «Появился хан Алооке, душа трепещет

manas-discovery.kg

от его устрашающего вида». Нашествие Алооке приносит с собой падение киргизских племен. Почти все наиболее крупные племена разбредаются, покидают свои земли, подвергаясь гонению врага. Отец Манаса Жакып с отцом Чубака Акбалта уходит в отроги Алтая.

## 2. Рождение Манаса

Киргизы собираются на Алтае. Они работают в каменоломнях и золотых рудниках калмыков, пасут их скот, калмыкские феодалы облагают киргизов данью.

Бездетный Жакып убивался, молил бога дать ему сына. Однажды снится ему сон, предвещающий о рождении у него сына. Жакып на радостях собирает народ и делится с ними добрыми предвещаниями сна. Вскоре родился Манас, киргизы, изгнанные с Родины, радуются этому и дают имя новорожденному.

## 3. Детство Манаса

В этой части говорится о том, как Манас пас ягнят, о его щедрости, необыкновенной храбрости и как он собирает свою дружину из сорока мальчиков. На манасовскую дружину нападают дети калмыцких феодалов, а Манас показывает свою справедливость.

## 4. Манас начинает проявлять свою храбрость и отвагу

Первый вооруженный отпор Манас со своими друзьями дал нападению калмыков. Народ возлагает

manas-discovery.kg

надежды на Манаса и сплачивает вокруг него своих лучших сыновей.

Первая встреча Манаса с могущественным батыром, крупным калмыкским феодалом Жолоем. Победа Манаса на поле битвы. Жолой сам под видом караванщика прибыл в киргизский аил на разведку.

### 5. Эсен-хан ищет Манаса

До Эсен-хана доходит слух о молодом батыре Манасе, представляющем серьезную опасность для монголов и калмыков. Манаса ищут повсюду, дознаватели проникают на Алтай и до Самарканда. Киргизы узнают о злом намерении врагов, собирающихся убить Манаса, поэтому они скрывают его от врагов, под прозвищем «Большой дуралей». В таких условиях растет, мужает, набирает силы юный Манас.

### 6. Манас готовится переехать на Ала-Тоо

Манас узнает, что настоящая его родина – Ала-Тоо, и собирается перекочевать на Родину, подбирает воинов. Отец Бакая старик Бай приезжает из Кашгара в поисках своего родственника Жакыпа на Алтай. По пути он попадает в плен к калмыкскому феодалу Нескаре, но благодаря счастливому случаю убежит.

Союз Манаса с выдающимися батырами Ала-Тоо, как например, с Кошоем, который продолжал самоотверженно бороться против насилия Алооке. Батыры приглашают Манаса вернуться в свой отчий край Ала-Тоо и встать во главе киргизов.

manas-discovery.kg

## 7. Манас освобождает Родину от врага

Войны Манаса по пути к землям киргизов. Манасу пришлось сражаться с каркыра-текесскими калмыками. Победа Манаса. Манас завоевывает признание народа, который встречает его с великой радостью, как освободителя и защитника народа от чужеземных поработителей.

Встреча Манаса в Чаткальских горах, на берегу реки Чийирчик с пастухами и табунщиками. Манас вдохновляет их на борьбу с врагами.

## 8. Манас батыр изгоняет хана Алооке

Могущественному хану Алооке, угнетающему весь киргизский народ, Манас посылает ультиматум: «я не трогал твоих земель и подданных, а ты по добру возврати мои исконные земли, или же это будет решаться кровью и жизнью». Бесстрашный Манас сам навещает Алооке со своими аскерами.

Вместо того, чтобы дать ясный ответ, хан Алооке бежит в Джунгарию и подстрекает там Конурбая выступить против дерзского бурута Манаса.

По прибытию на родину Манас убивает старика Олуята, который под маской духовного лица обманывал, грабил людей. Сказители говорят об этом: «Манас был у подножия горы Опол и старику Олуяту хребет поломал».

manas-discovery.kg

## 9. Манас занимается хлебопашеством

Манас поселяется в Таласе, сплачивая там вокруг себя лучших представителей народа: батыров, мудрецов, ремесленников. Отец Манаса Жакып к старости становится скрягой, всегда держит сторону детей младшей жены и ненавидит Манаса за его щедрость и гостеприимство, погано его браня.

Манас уходит в долину Андижана, занимается там хлебопашеством. Там он приобретает за свой урожай знаменитого коня Аккулу у хана нойгутских племен Карача. Манас проявляет великодушие и сострадание к народу Карача, испытывавшего крайнюю нужду после засухи и голода, отдает бедствующим весь собранный хлеб.

## 10. Женитьба Манаса на Каныкей

Военачальник манасовских аскеров Чубак, находясь в Бухаре с целью разведки, случайно сталкивается на спортивных состязаниях с девушкой – богатыршей Каныкей. Чубак и Каныкей дерутся на пиках. Чубак бежит и только вмешательство Манаса спасает его от позорной гибели.

Манас влюбляется в красавицу Каныкей и, несмотря на нежелание ее отца Темир-хана, старавшегося отпугнуть Манаса невероятно большим калымом, он женится на ней, уплатив калым не только скотом, но даже пригнав с гор диких архаров.

manas-discovery.kg

## 11. Событие козкаманов

Эсен-хан подкупает соплеменников Манаса, оставшихся на земле калмыков, сыновей Усена – родича Манаса (позднее прозванного Кабаньим глазом), и засылает их к Манасу с целью разведки военных и экономических сил киргизов. Они находят убежище у Манаса, как несчастные родственники, вырвавшиеся из лап бессердечного жестокого врага. Манас с искренним радушием встречает их, наделяет их скотом, землей, водой, юртой и прочим. Каныкей подозревает Кокчокоза в злом умысле, предупреждает Манаса, чтобы он был более осторожным. Но Манас не придает этому никакого значения, слишком уж он был уверен в преданности своих родичей, и даже бранит свою любимую жену за, якобы, бабьи сплетни, упрекая ее, что она вносит раздор в среду родичей.

Подлый Кокчокоз готовится пригласить Манаса в гости и, подлив в бузу яда, умертвить Манаса, выполнив тем самым указание Эсен-хана, и захватить власть над киргизами. Усен (отец Кокчокоза), чувствуя, что его сыновья затевают недоброе против Манаса, отговаривает их от убийства Манаса. Между ними разгорается ссора.

Смелая Каныкей точно узнает о злоумышленном намерении Кокчокоза. Она спасает Манаса и его дружинников, разоблачая предательство Кокчокоза.

Происходит жестокая схватка между дружинниками и сыновьями Кабаньего глаза. Предатели бегут, а каныкейцы преследуют их и уничтожают. После этого Манас окончательно признает мудрость Каныкей и

manas-discovery.kg

остается верным ей навсегда. Сказители так говорят об этом словами Манаса: «Сверх тебя на второй жениться не буду, на тебя камчёй не замахнусь».

## 12. Карлыгач в плену у врагов

О сражении сестры Манаса Карлыгач вместе с девушкой-батыршей Сайкал против аскеров Конурбая, вероломно вторгнувшихся в пределы киргизских земель.

Карлыгач попадает в плен численно превосходящему противнику.

Палачи Конурбая устраивают над ней бесчеловечные пытки. Но девушка-патриотка стойко переносит все муки, выпавшие ей на долю.

## 13. Батыр Алмамбет порывает с Эсен-ханом

Алмамбет-батыр возмущается несправедливостью и жестокостью Конурбая и порывает с ним. Конурбай отправляется к Эсен-хану с жалобой на, якобы, завистливого склочника Алмамбета. Алмамбет также вслед за ним отправляется к Эсен-хану и смело обличает Эсен-хана в несправедливости его царствования, а Конурбая в жестокости и низменности.

Эсен-хан и Конурбай решают убить опасного для них человека, но Алмамбет, обругав их, своевременно убегает, сказители южных киргизов даже говорят о том, что Алмамбет убивает своего хана и затем бежит. Алмамбет находит убежище у Кокчо, там он налаживает мудрое, справедливое управление, облегчающее положение народа.

manas-discovery.kg

## 14. Прибытие Алмамбета к Манасу

Алмамбет делает набеги на своих врагов Конурбая и Жолоя и пригоняет их табуны к Кокчо. Казахские феодалы, завидуя возрастающему могуществу Кокчо, распространяют лживую клевету на Алмамбета, якобы, имеющего близкие отношения с женой Кокчо Ак Эркеч.

По совету Ак Эркеч Алмамбет отправляется в Талас в подданство к Манасу. Манас устраивает скачки в честь прибывшего Алмамбета.

## 15. Поминки Кокотоя

Сын покойного Кокотой-хана Бокмурун, не посоветовавшись с Манасом, по указке шести ханов устраивает поминки отцу, куда приглашает и друзей, и врагов. Народ возмущается Бокмуруном, который вызывающе повел себя по отношению к Манасу (Здесь надо принять во внимание хотя бы случай с Баймурзой). На поминки приезжают калмыкские ханы, батыры и военачальники во главе с Конурбаем, Жолоем и Нескарой. Они прежде всего начинают прощупывать силы киргизов, прибыв на поминки со своими войсками.

Враги видят, что на поминках киргизов немного, что среди них нет Манаса. Сговорившись, они решили: «Надо устроить скандал у очага, где будет делиться мясо и пища. Затем за нарушение правил гостеприимства будем требовать лучших скакунов и голову Манаса. Если они откажутся удовлетворить наши требования, то устроим набег на киргизов, уведем лучших коней, хороших работников».

manas-discovery.kg

Сказители высмеивают и с презрением поют о том, как Конурбай и Жолой устраивают недостойный скандал, расхватывают из котла мясо и угрожают народу за, якобы, оскорбленную честь.

Трусливый Бокмурун обращается за советом к шести ханам. Но от перепуганных ханов ничего путного не добивается. Бокмурун соглашается отдать все, что требуют враги, во главе с известным скакуном Мааникером. И только один аксакал Кошой находит смелость возразить против малодушия Бокмуруна.

«Куда это годится, гнуть колени по первому слову врага, отдавать все и скакунов, и людей в рабство. Позор на наши головы! Надо вызвать Манаса и сразиться с врагами. Если враг требует сегодня Мааникера, то завтра он потребует и голову Кошоя. Мы сами посадим его на свою шею. Лучше надо выиграть время и вызвать сюда Манаса».

Шести ханам поневоле пришлось согласиться с ним. После этого Кошой заявил: «Если просто пригласить Манаса, то обидившийся батыр не приедет, поэтому надо передать ему, что враги захватили землю и народ, что весь народ во главе с дедом Кошоем порабощен калмыками, край разорен и опоганен, все разрушено, остались только черепки горшком и развеянная врагами зола. Надо передать, что вся вина лежит на Бокмуруне. Только при таком приглашении Манас приедет и выручит народ из беды».

В соответствии с этими словами Кошоя Манасу пишется письмо, которое передается ему из Каркыры в Талас со специальным гонцом.

manas-discovery.kg

## 16. Манас батыр прибывает в Каркыра и возглавляет поминки

Разумеется, Манас хорошо знал, что идут поминки Кокотой хана. До приезда гонца Манас и не думал являться туда. Когда же прибыл гонец, Манас крепко задумался, ехать ему или не ехать. Его возмущало трусливое поведение шести ханов и глупость Бокмуруна. Манас медлит с ответом. В дело вмешивается Каныкей. «Народ не виноват, надо выручить его из беды», – советует она Манасу, который, забыв свои личные обиды, отправляется на поминки с женой Каныкей и своими батырами, чтобы защитить честь и независимость народа.

С приездом Манаса обстановка на поминках сразу же изменяется. Киргизы держатся смелее и объединяются вокруг Манаса. Манас категорически отвергает наглый ультиматум врагов. Он силой заставляет их привести все к порядку, некоторых наглецов избивает, некоторых стыдит словом. Он говорит: «Трапезой (поминкой) распоряжается тот, кто ее дает. Конурбай принимает вид раскаявшегося и просит у Манаса прощения, готовя в то же время исподтишка нападение на него.

На поминках устраиваются традиционные спортивные состязания. Кошой борется с Жолоем, Манас с Конурбаем. Победу одерживают киргизские батыры. Калмыкские феодалы озлобляются. Манас великодушно возвращает Конурбаю его скакуна Алкара. Это еще раз задевает самолюбие врагов. Здесь, на поминках, Кошой благодарит Манаса и Каныкей за подаренные

manas-discovery.kg

кожанные шаровары, прочность которых помогает ему победить Жолоя. Кошой восхищается мастерством Каныкей и желает ей родить сына. На поминках проходят скачки. Конурбай умышленно не пустил своего скакуна Алкара, Манас же, наоборот, пускает своего скакуна Аккула в состязание. Пользуясь тем временем, когда киргизы были увлечены исходом состязаний, конурбайцы нападают на киргизов, угоняют табун лучших лошадей, предназначенных для награды победителей состязания. Происходит битва между манасовскими батырами и аскерами Конурбая на киргизско-калмыкской границе, близ Текеса. Конурбай проигрывает сражение, бросает табуны и бежит. Манасовцы возвращают свой скот и уезжают обратно.

## 17. Нашествие Конурбая

В это время в Таласе распространяется лживый слух, что Чубак-батыр находится с Каныкей в интимных связях. Чубак, сгорая от стыда, уходит вместе со своими аскерами к своим нойгутам. Манас и Бакай выезжают за ним, предлагают ему скакуна Аккула и просят его вернуться. Конурбай, узнав, что Чубак уехал от Манаса, решает во что бы то ни стало отомстить Манасу, покорить киргизов. С этой целью он выступает в поход в Талас. Происходит битва в Таласе. От руки вероломно напавших врагов, от руки непревзойденного их стрелка Шипшайдара (Кожожаша) погибают Алмамбет, Сыргак, Чубак и другие батыры. В этом бою получил смертельную рану Манас.

manas-discovery.kg

## 18. Смерть Манаса, строительство гробницы

Раненый Манас прибыл в Талас и делает завещание перед смертью. Горько скорбит народ, плачет Каныкей. Народ хоронит Манаса и воздвигает над его могилой гробницу.

Эти новые дополнения должны быть внесены, пользуясь вариантами Молдобасана, Багыша Сазанова, Сагымбая Орозбакова, Ибрая Абдырахманова и Шапака Рысмендеева.

В заключение по вопросу работы над эпосом, «Манас», в основном, должен быть составлен и литературно обработан из вышеуказанных вариантов. Упомянутые сказители обладают неодинаковым поэтическим мастерством, способностью увлекательного исполнения, неодинаковой фантазией, поэтому неодинаковы и стиль, и степень богатства языка, и композиционное построение. На эти обстоятельства нельзя смотреть поверхностно, ибо это может привести к механическому соединению отдельных вариантов, что приведет к заштопанному нитками эпосу.

Необходимо во многих случаях дорабатывать стихи, раскрывать неполностью высказанные мысли, приводить в соответствие друг с другом все части, конечно, сохраняя общий стиль эпоса, поэтому не может быть сомнений в необходимости творческой обработки. В этом случае, на мой взгляд, художественность эпоса будет на высоком уровне.

Несмотря на то, что вариант Сагымбая Орозбакова во многом идейно порочен, особенно начало и конец варианта, все же среднюю часть варианта можно сме-

manas-discovery.kg

ло использовать (например, рождение Манаса, его детство, изгнание Алооке-хана, встреча Алмамбета, вторая часть поминок Кокетей-хана, спортивные и др.).

Говоря о варианте С. Орозбакова, мы всегда должны помнить о влиянии врагов на идейное содержание его сказки. Кроме этого, нельзя забывать и высказывание по поводу этого покойного Тоголок Молдо, который в беседе с Абдырахмановым сообщил о своем разговоре с Сагынбаем Орозбаковым.

Когда Тоголок Молдо спросил у Сагынбая, как идут записи «Манаса», то тот ответил: «Ээ, мой Молдо, «Манас» записывают не так, как я его обычно пел, а в ряде случаев с изменениями» /Творчество Тоголок Молдо, инв. 1357. Запись от 18 марта, 1938 г./. Но все же отдельные главы в сказании Сагымбая остались незатронутыми идейными извращениями. Эти главы стоят значительно выше одноименных глав известных нам вариантов. Мы должны помнить, что националисты, панисламисты не искали слабого сказителя, а выбирали самого талантливого, чтобы использовать его творчество в своих враждебных целях, что до некоторой степени удалось сделать.

Из всех записанных до сих пор сказок, по-моему, самый сильный вариант по художественному совершенству, по красочному описанию природы, любовных сцен – это вариант Сагымбая, поэтому нам должны быть представлены широкие возможности для использования лучших сторон его варианта. В своем первом проспекте я исключал участие Алмамбета, в этом же проспекте я все же взял его, т. к. в варианте Абдырахманова присоединение Алмамбета к киргизам описано самым убеди-

manas-discovery.kg

тельным образом. Это не противоречит ни сюжетному, ни идейному построению эпоса. Ясно, что Алмамбет – сторонник народа и справедливости.

Все варианты эпоса убедительно доказывают, что столкновения киргизов происходили не с китайцами, а с калмыками и монголами. Это особенно хорошо выражено в небольших вариантах, записанных от сказителей южных киргизов. В «южных» вариантах повсеместно подчеркивается, что Манас и его батыры сражались с калмыками. Да и у северных сказителей о сражениях с китайцами говорится только в редких случаях, причем вскользь, но опять-таки на землях монголов и калмыков. (Например, название родов: Тыргоот, Шибе, Солон, Себил и др.; городов: Шихо, Тунша, Кара-шаар, Кукуноор и др.). В этих местах и сейчас проживают калмыки. Большинство событий происходит в горах Кангай. Горы Кангай расположены в нынешней Монгольской народной республике. Короче говоря, события, описываемые в эпосе «Манас», относятся не к Китаю, а к монголам и калмыкам, поэтому в «Манасе» необходимо называть калмыков.

Вышеизложенный проспект по сводному варианту «Манаса» может быть осуществлен на основе материалов, записанных от сказителей: С. Каралаева, С. Орозбакова, М. Мусулманкулова, Б. Сазанова, И. Абдырахманова, Ш. Ырысмендеева и находящихся в фондах ИЯЛИ. Я уверяю, что на основе этих материалов вполне возможно составить сводный вариант.

**К. Маликов**

Перевел с киргизского Ч. Айтматов

manas-discovery.kg

## «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУ
### *(Проспект)*

### I

«Семетей» эпосу «Манас» трилогиясы аталган улуу эпостун экинчи бөлүгү. Анын үчүнчү бөлүгү «Сейтек» эпосу болуп эсептелет. «Манас» менен «Семетей» көпчүлүккө эчактан белгилүү, ооздон оозго ыр менен айтылып келген. Ал элдин моралдык, материалдык жана анын дух байлыгын көрсөткөн байыркы (эскирген энциклопедиясы сыяктуу) памятник. Кыргыз элинин кымбат памятниктеринин бири Энесай кыргыз жазмасы (С.Маловдун далилдегени) болсо, андан жогору бааланбаса төмөн түшпөй турган памятник болуп «Манас» эпосу эсептелет. «Манас» менен «Семетей» эчен кылымдардан өтүп сюжети жыйылган эпос. Алар акыркы күнгө чейин негизги сюжетин бузбастан келсе да мезгилдердин жана жашаган коомдордун отпечаткаларын азбы, көппү сактап калган. Эпостун негизинде элдик тилек, күрөш, эркиндик мүдөөсү жатат. Ошондуктан, кыйла кылымдарды басып өтсө да элдин эң сүйкүмдүү чыгармасы болуп эсептелиши кокус эмес. Кай бир чала түшүнгөн же элдик байлыкты көрө албаган бурмалоочулар «Манас» трилогиясы реакциялык деп эсептешет. «Курандын» ичинде канчалык кокус пайдалуу өңдөнгөн учурлар болсо, «Манастын» ичинде да ошондой кокус пайдалуу сыяктанган жерлери бар окшойт. Демек, эпос реакциячыл деген пикирди Петр Балтин деген неме «Манас» эпосунун

manas-discovery.kg

конференциясында уялбастан сүйлөдү. (Анын сөзүн эсимден келтирдим). Албетте, мындай пикир коомдун элдик эмгегине түкүрүү болот. Элдин чыгармачылык күчүнө ишенбегендик жана бурмаланган кыянаттык болот.

Улуу Белинский «Автор словестности, всегда народ, ... вот из песен выходят поэмы автором которых может называть себя только народ» – дейт [Том 2. Ст. 89]. Эл элдик гана нерсени сактай турганын Балтин, Самаганов, Нуровдор билгилери келишпейт. «Манас» эпосуна каршылардын шылтоолой турган себептери да бар, бирок ал себептер эпосту каралоого эч кандай аргумент боло албайт. Маселен: эпосто динди көтөрө чалган учурлары жок эмес. Бирок, анык сюжет менен тыгыз байланышкан негизги идея дешке болбойт. Ал айтуучулардын (Сагымбай сыяктуу эски китептер боюнча феодалдык позицияда тургандарын) өздүк кошумчаларды, аны биле тура бурмалагысы келгендерге жол коюга болбойт. Ошондой болсо да эпостогу кай бир чабал көрүнгөн диндин элементтерин жокко чыгарууга да болбойт. Кай бир жолдоштор эпостон бүгүнкү көз карашты, бүгүнкү коммунисттик идеяны талап кылышат. Андай көз караштар коомдук өсүштөрдү тарихы чындыктарды түшүнүшпөйт жана түшүнгүлөрү келбейт. «Манас» эпосуна арналган илими конференция мындай жүгөнсүз ооздору менен орок оргон жоопсуз кишилерге илими соккуларын берип, эпостун элдик экендигине күмөн коюшкан жок. Сөз эпостун мындан аркы иштери кандайча иш жүзүндөгү тыянакташы жөнүндө гана болууга тийиш экендигин илими конференция көрсөтүп кетти. Биздин азыркы

manas-discovery.kg

милдет өзүнүн акыркы чегине чейин өсүп жетилген эпосту элдин өзүнө таандык болбогон феодалдык диний кошумчалардан тазартып, элдин өз чыгармаларын өздөрүнө тактап бериш милдети турат. Бул чоң милдеттерди аткарууда советтик илимдер өздөрүнүн ыйык салымдарын салууга тийиш. Бөтөнчө орус илимпоздору проф. Боровков, проф. Климович жолдоштор (Москвадан литературоведдер), проф. К.Юдахин, проф. Батманов жолдоштор (Фрунзеден лингвисттер) бул чоң маселенин чок ортосунда туруп эмгектеш болуштары жергиликтүү илимпоздордун жана эпосту түзүүчү жазуучулардын иштерин кыйла жеңилдетери жана ишти тездетээри шексиз.

## II

«Манас» трилогиясы сырттан караганда бир-биринен ажырагыс бир сюжеттүү өңдөнөт. Чынында андай эмес. Трилогиянын ар кимиси өзүнчө жашоого укугу бар. Трилогиянын үчөө үч доорду, үч коомдук көрүнүштүн элесин берет. Ар бир эпостун өзүнчө сюжети закондуу башталышы жана тыянагы бар. Эпостун биринчи бөлүгүндөгү башкы каармандар эпостун экинчи бөлүгүндө болушпайт. Ошондой эле, экинчи бөлүктөгү башкы каармандар трилогиянын үчүнчү бөлүгүндө болбойт. Маселен биринчи бөлүк «Манас», мындагы башкы каармандар: Манас, Алмамбет, Чубак, Төштүк, Үрбү, Көкчө, Эсенхан, Мадыган жана башкалары «Семетей» эпосунда аракет кылышпайт. Ошондой эле, «Семетей» эпосундагы башкы каармандары: Семетей, Канчоро, Сарытаз, Чынкожо, Толтой, Мырадыл ж.б.

manas-discovery.kg

«Сейтек» эпосунда болбойт. Демек ар бир трилогия өзүнчө башталып, өзүнчө бүтөт.

«Сейтек» жөнүндө бир ооз айта кетиш керек. Ал эпос «Манас» менен «Семетей» сыяктуу ыр менен айтылып элдин көпчүлүгүнө белгилүү эпос эмес. «Сейтек» дегенди эл эпос деп билбейт. «Семетей» эпосун айтып бүткөндө гана анын уулу Сейтек ушундай болгон экен дешип гана кыскача жөө жомок кылып сүйлөшө турган. Демек, «Сейтек» толук оформить этилип жетилген эмес. Манасчы Каралаев жолдоштун демилгеси бул жөө жомокту ырга айландырган. Ал революциядан кийин 30-жылдардын ортосунан баштап формалдык түрдө гана эпос эсептелет. Жолдош Каралаев «Сейтекти» эч убакта эл ортосунда аткарып көргөн эмес. Ошондой болсо да аны эч кандай мааниге ээ болбойт дешке болбойт. Совет доорундагы элдик чыгарманын дүркүрөп өсүшүнө күбө боло турган мааниси бөтөнчө турат. Анын поэтикалык күчүнүн да кыйла кайталоо болсо да сюжеттик бөтөнчөлүгү, окуясы тарихы мааниге ээ болууга тийиш.

«Манас» трилогиясы жөнүндөгү кыскача чолуп өткөн экскурсияны токтотуп, негизги маселе болгон «Семетей» эпосуна келелик.

## III

Өлчөм жагынан алганда трилогиянын көлөмдүүсү «Семетей» эпосу болуп эсептелет. Менин эсебим боюнча 432 басма табак (216 560 сап). Алар беш кишиден жазылган. Булардын ичиндеги толук деп эсептелгени Каралаев Саякбайдыкы. Андан кийинки то-

manas-discovery.kg

лук эсептелгени Тоголок Молдонуку. Булардан башка Тыныбек, Акмат, Жакшылыктардан жазылган толук эмес кол жазмалар бар. Жаңы түзүлө турган эпостун негизги материалдары ушулар болууга тийиш.

Биз Каралаевден жазылган «Семетейди» толук деп эсептесек да аны условный түшүнүүбүз керек. Анткени бул эпосторду 100 пайыз толук айткан эч кандай манасчы болгон эмес жана болууга да мүмкүн эмес. Эпостун тулкусуна ар бир бөлүмдөрүнө көркөмдүгүнө кемчилик келтирбей бир калып менен аткарылган «вариантты» табыш кыйын. Ал бир манасчынын өздөрү сүйгөн жана жакшы билген үзүндүлөрү бар. Маселен: Каралаев Тайторунун чабылышын орошон аткарат. Акмат Үргөнчтүн элесин жакшы билет ж.б. алардын аткарган үзүндүлөрүн башкалары жакшы аткара алышпайт, ал башкалардын жакшы аткарган үзүндүлөрүн Каралаев менен Акмат начар аткарууга мүмкүн. Бул эле эмес, жыйналган «варианттардан» түшүп калган, бирок элдин эстеринде сакталган маанилүү строфалар да жок эмес («Манас» эпосуна арналган илимий конференцияда айтылган). Ошолордун бардыгын кошуп түшүнгөндө гана эпосту толук деп эсептесек болот.

Кай бир жолдоштор ар бир манасчынын аткаргандарын толук мааниде толук вариант деп эсептешет, менимче бул туура түшүнүк эмес, алар вариант эмес, бир эле варианттын бир нече кишилердин оозунан жазылган нускалар. Ачык айтканда айтуучулары башка варианты бир эле. Алардын айырмалары аткарылышында гана бири толугураак, экинчиси көркөмүрөөк, дагы бирөөлөрү чачкын же тыкан аткарышат, окуя менен

manas-discovery.kg

сюжетте айрымы жок. Бардыгында бирдей. Сейрек учурай турган майда карама-каршылыктар аткаруучулар ортосунда гана эмес, бир эле вариантта да болууга мүмкүн. Бирок, ал чоң маселе эмес. Балким ал маселе чечилбөөгө да мүмкүн. Маселен: Алмамбеттин мурдагы аты Мажикпи же Мажик таптакыр башка кишиби? Гүлчоро Мажиктин уулубу, Алмамбеттин уулубу? Сарытаз Шатемирдин тууганыбы же Манастын элиненби? ж.б. мындай карама-каршылыктар эпостун тагдырына эч кандай пайданы да зыянды да келтире албайт.

Каныкей талоонго түшкөн учурда Жакып менен Көбөштүн буйругу боюнча Семетейди көкбөрү тартып өлтүрмөк болушат. Ушул учурду аткаруучулар ар түрдүү аткарышат. Бирөөлөрү Семетейдин бешигин алмаштырып коёт, Семетейдин ордуна кулдун баласын көкбөрү кылдырат, кай бирөөлөрү бешикти алмаштырышпайт. Көпкөндөр колуна биринчи тийген бешикти Семетей деп алып жөнөшөт. Дагы бирөөлөр эч кимди көкбөрү тарттырбайт. Бул көрүнүш негизги чечилбес маселе эмес, аткаруучулардын керт башындагы каалоолор. Бул жөнүндө да айрыкча пикир талаштыра турган эч нерсе жок. Биз анын элдигин гана алабыз. Анткени эпосту жараткан бир киши эмес, бүтүн эл, эл аны кылымдар бою карректорлоп келе жатат. Элдин идеясына каршы келген Сейтек учураган феодалдык редакциялардан тазалоо биздин негизги милдеттин орчуну болушу керек. «Семетей» эпосунун «Манас» эпосунан принципиалдуу айырмасы бар.

1 – «Манас» эпосундагы айтуучулар тарабынан (бөтөнчө Сагымбайдан) кошумчаланган диний ураандар, агрессиялар, пантүркстүк идеялар, эпостун сю-

manas-discovery.kg

жетинде болгон акталбаган походдор «Семетей» эпосунан учурабайт.

2 – Эпос боюнча «Манаста» титул-лакап аттары бар жана көп учурларда хан Манас деп айтышат. «Семетей» эпосунда Семетейди хан деп айтышпайт. Манаска колдонгон лакап аттарды кыйла учурларда пайдаланышса да аны хан Семетей деп айтышпайт. «Бала жолборс», «Баатыр», «Төрө», «Баатырдын уулу» деп гана айтышат. Бул кокус формалдык жагы эмес, эпос боюнча Семетей хан болгон эмес. Эпос боюнча хан Сарытаз. Семетей родинасына келгенде мурдагы убадасы боюнча, көмүрчү Сарытазды хан көтөрүп алышат. Сарытаздын хан болушунда да эч кандай шаан-шөкөттөр да жок. Ашып-ташыган шилээнде берилбейт. «Семетей» эпосунда «Манас» эпосунда учурай турган «Искендер изин чалбаган, Сулайман сурак албаган» кытайды чапты деген согуштук биография же болбосо «Манастын колу тийбеген кайсы жер калды» деген айтуучулардын агрессиялык кошумчалары учурабайт. «Семетей» эпосунда акталбаган бир да походду табууга болбойт. «Семетей» эпосунун негизги идеясы – чачылган элди бириктирип, четтен кол салуучуларга каршы чаралар көрүш, өзүн басынткан жана бирдикке келбеген Чынкожо, Толтой, Көбөш, Абыке жана чоң атасы Жакып сыяктуу ички душмандарды тыюу. Эзелден тынчтык бербеген жана бербей турган эски кектеш калмак, кара кытайлар менен чыккынчылык кылган чorolorго, элди бузган хандарга чечкиндүү сокку берүү. Кекти душманга калтырбоо «Манас», «Семетей» эпосундагы айырмачылыктары так ушундай.

Жогоруда айтканыбыздай, акталбаган апыртма

manas-discovery.kg

кошумча походдор ачык айтканда, феодалдык редакциянын таасиринин арбыныраак кирип кеткендиги «Манас» эпосунда ачык көрүнөт. Бул көрүнүштөр түзүүчүгө кыйла оордук келтирери айкын. Ошондой болсо да, тажрыйбалуу Манасты билгичтер «Манас» эпосуна жатпаган сюжети менен байланышпаган, анын организмине сиңип кетпеген феодалдык редакциянын кошумча келкилерин алар ачык таанышат.

## IV

«Семетей» эпосун лира-романтикалык эпос деп атоого мүмкүн деп болжоймун. Анда байыркы мифтер, эпикалык прием, интонациялар аз эмес. Ошондой болсо да, эпостун негизги мотиви материалдары идеялык умтулушунун арбыны прогрессиялык романтика жана лирика эсебинде турат (бул менин жеке түшүнүгүм). Бул көрүнүш «Семетейдин» биринчи эле главасынан башталып эпос бүткөнгө чейин романтикалык умтулуштун учугу үзүлбөйт. Абалкы кездеги окуяны Каныкей алып турат, анын көксөөсү Семетейди суук көз душмандардан сактоо, аны куткаруу. Семетейдин өмүрү коркунучсуз болгондон баштап, Каныкей анын келечегин көксөйт, элин сагынат. Семетей бирөөнүн баласы болуп жүргөндүктөн ал баласына энелик мамилесин да кыла албайт. Бул да өзүнчө романтика. Семетейдин тайатасы Шатемирде, тайакеси Ысмайылда да (ата эсептелип жүргөн киши) өзүнчө үмүт бар. Ал үмүттөр да романтикага барып куят. Семетей өзүнүн теги жайын түшүнгөнүнөн тартып романтика тереңдейт, саясий коомдук мааниге чоңоюп өтөт. Тай-

manas-discovery.kg

торунун чабылышына байланыштуу Каныкей менен Семетейдин романтикалары, терең патриоттукка, Родинасын сүйгөн, элин сүйгөн? элинин тагдырын ойлогон, душмандардан кек алууну самаган эң жогорку коомдук идеяга өтөт. Эпостун идеясын айкын көрсөткөн учур ушул Тайторунун байгеге кошулушу менен Семетейдин Сарытазга жолугушу болот. Ушул эки главадагы үмүттөр эпостун чордону, бул эпостогу романтикалык линия.

Эпостогу экинчи линия Семетей менен Айчүрөктүн, Айчүрөк менен Чачыкейдин ортосундагы жана Чынкожо, Толтой менен Айчүрөктүн араларындагы сүйүүлөр жана каргашалар. Эпосту лира-романтикалык деп атоонун негизги себеби ушул эки линиянын эриш-аркак өсүшүнө байланышкан. Эпостун идеясын толук көрүш үчүн анын сюжетин көздөн өткөрсөк болот. Менин долбоорлоп түзгөн схемам боюнча Семетейдин кыскартылган адабий варианты чийки материалдардан он эсе кичирүүгө тийиш (Эмнелердин эсебинен кыскара турганын атайын кийин айтабыз). Орто эсеп менен 30 глава болууга тийиш. Кай бир главанын материалдарын балким эки главага бөлүүгө туура келет. Аны ойлоо керек. Кыскартылган адабий варианттын материалдары институттагы беш манасчынын оозунан жыйналгандар жана эл оозундагы жазылбаган бирок, бизге белгилүү строфалар жана үзүндүлөр болууга тийиш. Ошолордун бардыгын эске алганда Семетейдин сюжети главалар боюнча мына мындай болуп көрүнөт.

manas-discovery.kg

## 1-ГЛАВА. КИРИШ

Бул кириш глава эпосчулардын традицияларынан чыкпаска тийишпиз. Бул кылымдан келе жаткан салтка сиңген, сөз башы сыяктуу айтуучулардын «ачкычы» болот. Манасчылар, ошол ачкычы менен эпос жөнүндө объективдүү, калыс эскерткичтерин айтат.

Көбү төгүн, көбү чын,
Көрүп келген эч ким жок,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн№
Жармы төгүн, жармы чын,
Жанында турган киши жок,
Жарандардын көөнү үчүн.
Илгеркинин калпы көп,
Толуп жаткан салты көп,
Төккөн кумдай калкы көп,
Калпынан да алпы көп. – деп, башталышы элдик чыгарманын жана элдик манасчылардын калыстыгын жана «сын көзү менен карагыла» деген сыяктуу, алдан эскерткен өтүнүчтөрүн көрөбүз. Бул эпостун автору болгон элдин кыраакылыгын, калыстыгын жана сынчылдыгын көрсөткөн ыйык элдик насаат болуп эсептелет. Кириш ушуну менен эле чектелбейт. Кыскача эпимификалык, эпикалык справка берет. Эпостун каарманы ким, ал кандайча жаралды, эмне максат менен жаралып, кантип өстү, теги ким, атасы ким болгон?

Эски традиция боюнча Семетейдин хандын тукуму, хандын баласы деп баштайт. Кай бир жолдоштор жомоктон же эпостон «хан» деген сөздү укса ат менен ургандай секиришет, азыркы хандарды көз ал-

manas-discovery.kg

дыларына келтире коюшат да эпостон жийиркенүүгө дагы бирөөлөрдү жийиркентүүгө аракет кылышат. Ал жолдоштор дүйнө элдеринин жомогу эмес, өз элинин советтик Родинада турган боордош элдердин жомокторунда, эпосторунда айкын элестей алышпайт болсо керек. Бул бир жагы болсо, «хан» деген сөз эски убактарда уруу башчысы экенин, айыл башчысы экенин, кичинекей эл башчысы экенин унутушат же билишпейт. «Атка минер», «датка», «бек», «манап», «феодал» терминдерине чейин алардын ордуна жүргөн терминдер «баатыр», «хан» деген терминдер экенин эске алууга тийиштиз. Мисал үчүн Боронбай, Чыныбай деген манаптар кечээ эле революция алдындагы кишилер «хан» аталган. Чынында алар ханбы? Жок, алар бир уруу же бир тап уруулардын манаптары, феодалдар. Албетте, эзүүчү, үстөмдүк кылган таптын өкүлдөрү. Каракалпакта болсо феодал эмес, бир топ айыл эмес, майда бир эле айылдын аксакалын «хан» деп аташкан. Манастын кырк чоролорунан Сыргакты, Алмамбетти, Үрбүнү, Чубакты ж.б. «хан» деп атайт. Мадыганды, Коңурбайдын жылкычыларынын башчысы Каракулду да «хан» деп аташат. «Жылкычынын ханы» дейт.

Демек, эпостогу жомоктогу «хан» деген терминди азыркы «хандардай» катарында түшүнүш жана ошого жараша мамиле кылыш тарихи чындыкты, коомдук өсүш процесстерин түшүнбөгөндүк болор эле.

Бул жерде Манасты хан эмес деп олтурганым жок, Манас бир эле уруу эмес, элдердин башында турган өкүм менен айтайын дегеним жомоктогу «хан» терминин азыркы 19-20-кылымдагы Авгандын, Букардын, Кокондун хандарындай түшүнүш менен оюмча туура

manas-discovery.kg

эмес. Жомоктун хандарын жомоктогу хандар, цар салтан сыяктуу түшүнүүгө тийишпиз. Ошондуктан сөз башындагы Манастын тегиндеги белгисиз ооздогу «хандарды» ошол боюнча калтыруу керек деп ойлоймун.

## 2-ГЛАВА. КАНЫКЕЙДИН ЧАБЫЛЫШЫ

Анығында «Семетей» эпосунун окуясы экинчи главадан башталат. Манастын аталаш, энеси башка Абыке, Көбөш аттуу инилери болот. Көбөш – көөдөк, аксым, Абыке жөндөмдүү, Манас бир энеден жалгыз болсо да, эл бийлеген «Арстан Манас, хан Манас» атыккан. Чачылган, чабылган кыргыздардын баштарын кошкон, түрдүү походдордун башында болуп, эл четинде жоо бетинде болгон атактуу баатыр. Манастын атасы Жакып Манасты көксөй «кудайдан» сурап жүрүп көрсө да Манас эр жетип, алыш-беришке өтө март болгондуктан аны атасы жаман көрө баштайт. Жакып экинчи Бакдөөлөт аялынан төрөлгөн Абыке менен Көбөштү жактырат. Алардын ынтымагында кеңешинде бирге болот. Манасты көрө алышпайт. Бирок, Манас сыяктуу эл коргош, элдин таламын талашыш алардын колдорунан келбейт. Манас өлгөндөн кийин акылсыз Жакып дароо Көбөштү хан көтөрүп алат да, Манастын ашын бере электе Каныкейди Абыкеге алып бермек болот. Абыке эстүүрөөк болгондуктан макулдугун бербейт. Эси жок Көбөш атасына кошулуп алып Абыкени аргасыз көндүрүүгө киришет. Каныкейге арачы жиберет. Абыкеге тийсин, тийбесе, көрбөгөнүн көргөзөм деп ачык айтат. Манастын өлүмү алар үчүн кайгы эмес, кубаныч болот.

manas-discovery.kg

Жакып менен Көбөштүн кара ниеттигин эчактан билген Каныкей бул кордукка чыдай албайт. Каныкей акылдуу жана баатыр, аш бере электе салтта жок жорук баштагандыктарына каршы турат. Бул ызалык анын намысына аябай тиет. Келген арачыларды (Ырчыуул менен Кыргылчал) тинте менен уруп айдап чыгат. Арачылар Каныкейдин тийбей турганын жана үйдөн кууп чыкканын айтышып, Жакып менен Көбөшкө келишип: «Арамдарга тийбейм» деди деген катуу кабарды жеткирет. «Арам» сөзү тигилерди ого бетер намыстантат. Кан Көбөш дароо аттанат. Чоролорду чабуулга даярдайт, баш тарткан чоролорду өлүм менен коркутуп хандык өкүмүн жүргүзөт да Манастын айлын (жесир Каныкейди) талайт. Жакыптын айтуунча Манастын баласы аман калса, ал чоңойгондо кек алат, ошондуктан баласын да жоготуш керек деп тапшырат. Көбөш хандын буйругу боюнча Каныкейдин үйүндөгү колуна тийген бешиктеги баланы Семетей деп өлтүрүшөт. Ал Семетей эмес эле. Алар ошентип, душман кыла турган жоруктун барын иштешет: «катуудан казанын, жумшактан күлүн» гана калтырат. Каныкей, Чыйырды, Семетей үчөө талаада калышат.

## 3-ГЛАВА. КАНЫКЕЙ МЕНЕН ЧЫЙЫРДЫ СЕМЕТЕЙДИ БУХАРГА АЛА КАЧЫШЫ

Манастын эң жакын акылдашы Бакайды Манас өлөр менен эле Көбөш хан жолотпой айдап таштаган. Анын акылмандыгы Каныкейге жөлөк болбосун деп ойлошкон. Ошондой болсо да Бакай сырттан көз салып жүрөт. Ал Манастын айлынын чабылганын билип

manas-discovery.kg

өксөгөн бойдон журтта калган үчөөнө келет да өздөрүнчө кеңеш кылышат. Намысы жок кара нээт атасы менен инилеринин сырларын жакшы билгендиктен Манас өлөрүндө: «Сага төркүндөн жакын кайраттуу карашарың жок, мен өлсөм баланды эптеп ошол жакка алып барып сакта» деген болучу. Бул осуятты үчөө орундашат. Бакай эч кимге билгизбей эки чанач сүт, бир козу бышырып жол азык берет жана эки мыкты ат даярдап берип үчөөнү Бухарага качырат. «Семетейди 12 жыл күтөм, 12 жылда келбесе ажалдан мурда өлөм» деп, Семетейден үмүт күтүп, ыйлап ажырашат. Каныкей кемпир менен баланын түйшүгүн мойнуна алып кыйла кыйындык менен төркүнүнүн чегине жетет. Бала кезде ойноп өскөн көлчүгүнө барат. Көлчүк Манас өлгөндө кургап калган болот. Каныкей төлгө кылып көлчүктөгү дөмбүлдү оодарса, оргуп суу чыгат, көлчүк кайра толот. Ууда жүргөн иниси Ысмайыл кургап калган көлчүктүн толгонун көрүп жесир эжесинин келгенин билет. Алардын жаракчан келе жатканын көргөн Каныкей аларды каракчы деп түшүнүп коркуп жана кармашка даярданып турат. Чыйырды боздойт.

Коркунуч кубанычка айланды. Жездекелеп өкүргөн Ысмайылдын үнү Каныкейдин кулагына угулат. Каралуу Каныкей ошол эле жерде Семетейди уялашы Ысмайылга бала кылып берди. Атасы Манас экенин 12ге келгенче Семетей жетимче билбесин деп антташат.

## 4-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙДИН ӨСҮШҮ

Семетей Ысмайылдын баласы, Шатемир хандын небереси болуп өстү. Каныкейдин эне экенин билген

manas-discovery.kg

жок. Эжем деп билди. Баатыр жездемден калган байкуш эжем деп, бөтөнчө мамиле кылып боору ооруй турган болду. Ысмайыл Семетейди эркин өстүрдү. Семетей ит агытып, куш салып, нөөкөр күтүп эрке өстү. Оюна эмне келсе ошону иштей турган тентек болду. Кээде кожо менен молдолорду мечиттерине камап сабап да коё турган болду. Бухардын кожо, молдолору Шатемирге келип баланын үстүнөн арыздана да башташты. Шатемир баланын тентектигин маанилүү сыйлык менен токтотууну ойлоду. Билгенге Манастын ашы болсун, билбегенге Семетейдин тою болсун. Өзүмдүн ордума хан кылып коёюн. Эл башы болгондо эсине келер, эл камын ойлоп, тентектигин коер деп чечти да чоң тойго даярданды.

## 5-ГЛАВА. ТАЙТОРУНУН ЧАБЫЛЫШЫ

Өз баласын эркелетүүгө мүмкүндүгү болбогон жана элинен ажыраган Каныкей менен Чыйырды моралдык жагынан аябай кыйналышты. Элин, жерин сагынышты. Семетейдин караанына кагылышып, анын эсендигин тилешти.

Шатемир тойго даярдык көрүп ар бир хандарга кабар берди. Тойго чаба турган аттарын жана башка мөөрөйлөргө катышыш үчүн даярдыктарын көрсүн деп билдирди. Бул тойго Каныкей да катышмак болду. Өзү минип келген Тайтору деген карган атын төлгө кылып байгеге кошмок болду. Элге билгизбей эркекче киймин кийип, чачын төбөсүнө түйүп атын байгеге кошту. Бухардыктар бул чоочун баатыр мүчөлүү кишини таныган жок. Бирок, анын салттуу жана эр мүчөсүнө таңыркашты. Сураштырышты ...

manas-discovery.kg

Ысмайыл эжесинин бул кылыгын билип, аябай намыс кылды. Эжем эрге тийгиси келген экен, жараксыз карган атын байгеге кошуп, шылтоо кылып жүрөт деп ойлоду. Ал ачуусуна чыдай албай Семетейди чакырып алып мындайча тапшырма берди: «Эжең ээлигип карган атын байгеге кошуп маскара болгону жатат. Аты чыгып келсе ардактап сүрөп ал, кокус артта калса Каныкейди жолдун боюна мууздап ташта. Бул шерменделикке чыдоого болбойт», – деп тапшырды. Семетей нөкөрлөрү менен атасынын буйругун аткарууга камынды.

Аттар айдалды. Каныкей болсо эчтемеден камы жок, ботодой боздойт, дүрбүсүн колго алып толуп жаткан байгеге карай келе жаткан аттарды карайт. Тайтору калып калса иниси Ысмайылдын эмне кылдыра турганын ал убалылык (көрөгөчтүк – *түз.*) менен жакшы билди, ошондуктан, өз баламдын колунан өлгөнчө, шерменде болуп тирүү жүрбөй өзүмдү өзүм өлтүрөйүн деп чечим ойлойт.

Байгеге карай өтүп жаткан аттарды жана сүрөгөн элдерди көргөндө, элинен ажыраган жалгыздыгын ого бетер оор сезет. Кыргыз элин, өскөн жерин жардамга келе турган, ат сүрөй турган замандаштарын эсине түшүрүп өксөйт.

Каныкей канча акмаласа да Тайтору көрүнбөйт, жүздөгөн аттардын аркасында келе жатканын көрүп Семетейдин ачуусу андан бетер келет. Ошентип, Каныкейди өлүм күтүп тургансыйт. Бир кезде Тайтору 70 аттын артында болот. Каныкей кур дүрмөт менен Тайторуну аткылап, анын чылбырын омуроосуна салып өксөп сүрөй баштайт. Тайтору күчөй баштайт. Аны өлтүрүүгө даярда-

manas-discovery.kg

нып турган Семетей чыдай албайт. Дароо нөкөрлөрүнө буйрук берет, «Эжемди элсиздей кылбайлык, анын шагын сындырбайлык, Тайторунун алдындагы атамдын ак тулпарын баш кылып баарын кыралык, Тайторуну чыгарып алалык, байгесин баарыңа бөлүп берем» – деп аларга ант берет. Ошону аткарууга алардан ант алат. Семетей Манастап ураан чакырып, Тайторунун чылбырын Каныкейдин колунан алып, Каныкейдин сөөгүн эрите турган жылуу сөздөр айтат. Семетейдин Манастап чакырган ураанды койчуларга да малчыларга да орокчуларга да жетет. Алар Тайторунун чыгып келишин тилешет, алар да Манастап ураан чакырышып, жерди жаңыртып сүрөөндү ээрчий чуркап кыйкырышат. Тайтору ишенимдүү кишинин колуна тийгенде Каныкей эркек киймин чечип таштап, карасын кайта кийип жесирдин сыпатына келип чачын жаят да кубаныч менен үмүттүн сүйкүмдүү жашына чөмүлүп үйүнө карай жөнөйт. Тайтору сүрөөгө байгеге биринчи болуп келет.

## 6-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙ ӨЗҮНҮН ТЕГИ-ЖАЙЫН ТОЛУК САРЫТАЗДАН УГУШУ

Сарытаз – Манас элинен Көбөштүн кордугуна чыдабай келген патриот, белгисиз баатырдын бири (Кээ бир манасчылардын айтуунча ал Шатемирдин тең тууганы. Шатемир аны басынтып көмүрчү кылып койгон). Ал Семетейдин чоңоюшун күтүп, аны сыртынан акмалап, азырынча эптеп оокат өткөргөн белгисиз киши, Семетей аны тааныбайт.

Семетей 12ге келди, эр жетти. Элин, жерин эсине сала турган учуру болду. Бирок, эч ким анын тегин

manas-discovery.kg

билдирген жок. Күндөрдүн биринде Семетей куш салып токойго барды. Карчыга куш – кыргоолдон жазып калды да көмүрчүгө жакын жерге конуп калды. Семетей жетип келип көмүрчүгө салам айтты. Семетейдин тегин айтууга шылтоо таппай жүргөн көмүрчү укмаксан, байкамаксан болуп тоотпой койду. Бул көрүнүш Семетейдин жинин келтирди. Ачуусу менен «Кушумду алып бер» деп, буюрду Семетей. Сарытазга ачуу тили менен каршылык көрсөттү. Аябай, Семетейдин күйбөгөнүн күл кылып ызалады, «хандын» уулу буга чыдаган жок. Камчы менен Сарыны салып калды. Сарыга ушул керек, ал ошону гана күткөн, ал Семетейге ачууланган болуп, бардык окуяны айтып таштады. Сен Ысмайылдын уулу эмес, тентип келген ар-намысы жок, тамак үчүн жүргөн шордуу кулсуң деп аябай анын намысына тийди. Семетей бул билбеген окуяга таңыркады. Аттан ыргып түшүп Сарыга жалбарды. Колу тийгендиги үчүн кечирим сурап, ушул айтканың чын болсо, элиме ээ кылып, хан көтөрүп алам деп, ант берди да кушту таштап аттанып, шашып шаарына кетти.

## 7-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙДИН КАНЫКЕЙГЕ ЖОЛУГУШУ

Семетей теги-жайын бухардыктардан билүүгө мүмкүн эмес эле, кимде-ким анын тегин билдирсе, Шатемир хандан райымсыз жазага тартылмак. Ошондуктан Семетей үйүнө түшпөстөн, дөбөгө түшүп, ооругандай эч ким менен сүйлөшпөй бир топ күн тамак наар албай жатып калды. Эч ким анын көңүлүн ача албады. Сырын билбеди, Шатемирдин ачуулуу, ыкчам иниси Семетейге жагынып, эчен аракет кылып, башын

manas-discovery.kg

көтөрүп эркелетти. Бирок, Семетей ооз ачпай койду. Акырында анын ачуусу келип «Сенин атаң Манасты өлтүргөн мен эмесмин, калмак Коңурбай», – деп, сүйбөй олтурган Семетейдин башын таштап жиберди. Семетей чындыкты уккан соң күлүп тура калды.

Семетейдин тамак ичпей ооруп калганын угушуп, Каныкей менен Чыйырды муңкана башташат. Акыры болгон окуяга Каныкей толук түшүнөт. Семетей Ысмайылдыкына келбестен дароо Каныкейдикине барат. Каныкей эне экендигин эми гана түшүнөт...

## 8-ГЛАВА. КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Ызалуу Семетей дароо аттанып элине кетмекчи болот. Тегимди айтпай, алдап алып жүргөн Шатемирдин өзүнө бүлүк салсамбы, деп да ойлойт. Каныкей билген окуяны уулуна толук айтууга аргасыз болот. Манастын өмүрүнөн тартып, азыркы өздөрүнүн турмушуна чейин жомоктоп берет. Семетей эмне үчүн Ысмайылдын уулу болуп жүргөнүн ошондо гана билет.

Тай атасы Шатемир (же Темирхан), таякеси Ысмайыл элди көксөгөн Семетейдин тилегине каршы келишпейт. Нөөкөрлөрү менен барсын деп сунуш кылышат. Семетей жалгыз кетүүнү калайт. Бардыгы баланын каалаганына каршы келишпейт.

Шатемир атактуу Ак тулпарын мингизет. Каныкей уулунун өсүп жетиле элегине, тажрыйбасыздыгына, жол билбестигине бир кайгырса, экинчиден Жакып менен Көбөштөн коркот. Алар Семетейди билсе, дароо өлтүрөт деп ишенет. Ошондуктан, аларды Семетейден жашырууга болбойт эле. Ал ошол жол кыйынчылык-

manas-discovery.kg

тарын, жолдо боло турган жолтоолорду, чоң атасынын кастыгын, Көбөштүн ырайымсыздыгын, Манастын курал-жабдыктарын кимде калганын толук айтат. Манастын эң жакын акылманы болгон Бакайдын тарыхын, анын азыр кандай күндө жүргөнүн айтып, баарынан мурун Бакайга жолук, ошонун айтканы менен бол, сенин атаң Манастын чечекейи ошол – деп тапшырат. Ошентип, Семетей эли-жерин чалуута, журту менен таанышууга, алардын көз караш, сырларын билүүгө ниеттенет да, Таласты көздөй жалгыз жол тартат.

## 9-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Семетей энесинин географиялык көрсөтмөсү боюнча Таласка келет. Манастын күмбөзүнө келип, атасынын тарбиясын көрбөй калгандыгын эсине түшүрүп өкүнөт, өксөйт. Он эки жылдан бери күтүп жүргөн Манастын куу ингени Семетейди таанып, аны жыттагылап, көзүнүн жашын көлдөтүп келип, күмбөздүн жанына келип чөгөт. 12 жылдан бери ээсин күткөн Манастын куу тайганы да эркелеп жана жашып келет.

Семетей күмбөзгө зыярат кылат да эненсинин айтуу боюнча куу ингенди Манаска атап мууздап, ноктосун алат да, андан ары жүрүп Жакып менен Көбөш хандын төөчүсү, эңгиреп ыйлап жүргөн Бакайга жолугат... Бакай болгон окуяны сүйлөйт. Жакып менен Көбөштүн кара ниеттигин толук айтат да: «Сен жай келгин, сенин келгениңди мен Жакыпка сүйүнчүлөйүн», – дейт. Жакып Бакайдын сүйүнчүсүн кубанган болуп тозуп алат да: «Баламды тез алып кел, көрөйүн», – дейт. Бакай кетээр менен (Бакдөөлөткө) кемпирине

manas-discovery.kg

буйруп: «Семетейге уу» чылатат. Себеп таап Семетей ууну итке куйганда ит кырынан кетет. Жакыптын душмандыгы айкындалса да, Семетей көп кайгырбайт. Агалары: Көбөш менен Абыке барышат. Бакайдын сүйүнчүлөп сүйүнгөндүгү үчүн Көбөш ачуулана кетет да, Бакайдын башын жара чабат. Эл хан Көбөштүн мунусуна акарат көрсөтүшөт. Семетей атасынан калган жарактарды жана Тайбуурулду алып, эли менен таанышат. Жакып, Көбөштөрдөн башка элдин нээти Семетейге жакшы экендиги айкын көрүнөт. Семетей элге ыраазы болуп биротоло көчүп келүү үчүн кайра кетет. Агаларынын жана чоң атасынын кылгандарын Семетей кектебейт.

## 10-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ

Шатемир жээнин чоң сый менен узатат. Элин сагынган Каныкей менен Чыйырдынын он эки жылы саргарып күткөн тилеги орундай баштайт. Семетейдин көчү ата журтуна келип коно баштайт. Көбөш хан менен Жакып хан Семетей көчүп келгенче элди, бөтөнчө чоролорду Семетейге каршы даярдайт. Көчтүн жүгү жерге түшө электе, Көбөш менен Жакып чороларду баштап Семетейдин көчүнө чабуул коёт.

«Жерди булгатпай жетимди жоготкула!» – деген Көбөштүн буйругу чыккынчы Кыргыл сыяктуу чоролорго ыйык закон болот. Алар аябай киришет. Семетейдин элдикке эскерткендери эч кандай аларга таасир кылбайт. Акыры Семетей атка минип, аларга каршы аттанууга аргасыз болот. Көбөштүн зордугу

manas-discovery.kg

менен келген элдер дароо эле урушка катышпай четке чыгышып, зордук менен келишкендерин билдиришет. Көбөш менен Абыке колго түшөт. Жакыпты Бакай кубалап тоодон кармайт. Семетей элге да, чоролорго да кайрылып: «Мен эл деп, силер деп келдим, силердин жаңылганыңарды да билем, силерге менин кегим жок. Элди калмактардан, четки душмандардан коргошубуз керек, өзүбүз чабышсак, душман бизди талап кетпейби» – деген акылын айтып, элди таратат.

## 11-ГЛАВА. КЫРК ЧОРОНУН ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫ ЖАНА АЛАРДЫН КЫРЫЛЫШЫ

Кырк чоронун башчысы Кыргыл Манаска да кызмат кылган, кийин Көбөш менен Жакыпка да кошомат кылып, Каныкейди Абыкеге тий деп арачы жүргөн. Мына акыры Семетейге чабуул коюуда Көбөш менен Жакыптан кем роль ойногон жок. Эми уялбай Семетейге чоро болууга көңүлү барган жок. Элди да, жерди да таштагысы келди. Элдикке келбей Семетейге кастык ойлоду. Чоролордун баарын азгырды. Көчүн чаптык, эми уялбай кантип Семетейге чоро болобуз, болору болду. Кантип анын бетин карайбыз, мындан көрө катын баланы таштап, калмакка кирип кетелик. Баары бир Семетей биздин күнөөнү кечирбейт... – деп, азгырды. Бардык чоролор макул болушту. Родинасын, бала-чакаларын таштап, калмакты көздөй качып жөнөштү. Семетей бул кабарды угуп аябай кайгырды. Алардын аркасынан жалгыз жөнөдү. Семетей аларга жетип, улуу урмат менен сүйлөдү: «Менден кеткен кемчилик болсо кечкиле, элди таш-

manas-discovery.kg

тап кетиш эрдин салты эмес…» – деп кайрылды. Чоролор тыңшаган жок.

Эрдин канаты ат, Семетей чоролорго, ажырабай турган канаты Тайбуурулун тартты. Бул да жардам кылбады. Акыры: «менин башым тартуу, мен үчүн болбосо да, эл үчүн кайткыла» – деп жалбарды. Мойнуна чылбырын салып чоролордун алдына тизе бүктү. Бул да жардам кылган жок. Кыргылдын буйругу боюнча Семетейге кол салышты. Туш-тушунан жаа менен аткылашып, бардык аракет менен Семетейди өлтүрмөк болушту. Семетей алардын аябасына көзү жеткенде гана чечкиндүү кармашка кирди. Кырк чоро бардык күчтөрүн жумшады, алар кырылып бүткөнчө кармашты. Багынышкан жок.

Семетей кырк чоронун кырылганына аябай өкүндү. Атадан калган чоролордун ушундай болушун ал каалаган эмес. Бирок, сатылгандарга андан башка эч кандай жол жок болучу.

Семетей чоролордун мурдагы эмгектерин эске алып, бардыгына бирден күмбөз жасатып, ардактады да, кайта элине келди. Семетей келгинче, Абыке, Көбөш, Жакыптарды Каныкейлер өлтүрүп коюшкан болот. Сарытаз Семетейдин убадасы боюнча хан болуп калды. Эл Көбөш менен Жакыптын зордук-зомбулуктарынан кутулушуп, тынчып бейкут жашоого киришти.

## 12-ГЛАВА. ЧЫНКОЖО КАСТЫК МЕНЕН ТАЙБУУРУЛДУ СУРАШЫ

Чынкожо нойгут элинин ханы, Шыгайдын уулу, ошол элдин баатыр ханы. Анын атасы Манас менен

manas-discovery.kg

чыгыша албаган, Манастын каршысында жүрүп, акыры эли менен түштүккө ооп кеткен. Чынкожо жаш Семетейди басынтмак болот. Бирок, көрүнөө каршылаша албайт, жаш баатырдан коркот. Эрдин канаты эрге жараган ат, атын алдап алсак, өзүн жеңип алууга болот деп чечет да, Тайбуурулду алдап сурап алып келгиле деп, өзүнүн эки чоросун жиберет. Чоролор жылкыда жаткан Гүлчоро менен Канчорого келип, эмнеге келгендигин айтышат. Баатырдын атын сурап алыш ал заманда баатырдын жанын сураган менен бирдей, салтка кирбеген жорук боло турган. Гүлчоро менен Канчоро бул жосунду жакшы билгендиктен, кастык менен келген эки чорону Семетейге жолуктурбай эле ызалап айдап жиберишет. Чынкожонун бул кылыгын алдоо аракети ордунан чыкпады, өзүнүн сыры ачылып калганын жакшы билип да, Жедигер элинин ханы Толтой баатыр менен достошту. Экөө биригип Семетейге каршы аракеттер көрүштү.

## 13-ГЛАВА. ЧҮРӨКТҮН УЧУШУ

Чынкожо менен Толтой Семетейдин өзүнө кол сала албады. Семетейди кордош үчүн анын кайын атасы Ахун хандын элине поход жасады. Чынкожо Айчүрөктү Толтой баатырга алып бермек болду. Чынкожо Толтой Төрткүлгө кол курап көчө барышты да, Ахун ханга ультуматум жарыялашты. «Айчүрөктү бересиң, бербесең чабам» – деп, маселени ачык коюшту. Акын иниси Түмөнбай баатыр менен кеңешти. Чүрөктү бербеске чыгышты. Бирок, Чынкожого аны айтышкан жок. Кеңешели деп, узак мөөнөт коюшту. Семетей ата-

manas-discovery.kg

сын тарткан баатыр болсо бул кордукка чыдабас, ага кабар бериш керек – деген чечимге келишти (Семетей менен Чүрөктү төрөй электе, Манас менен Акун бел куда болушкан эле). Семетейге кабар жеткириш үчүн эчен айлар керек. Алыс жана ал кайсы жакта экенин да билишпейт. Бул милдетти эч кимге айтпастан Айчүрөк өзү аткарууга киришти. Ал ак куу кебин кийип, асмандап учуп, дүйнөнү кыдырып, Семетейди издеп жөнөдү. Ал асманда адашып жүрүп, калмактын ханы Коңурбайды, Сынжыбекти, Кошойду дагы башка дүйнөдөгү баатырлардын баарын көрөт. Сынайт. Акыры Таласты табат. Семетейдин элин, жерин, алган жарын толук билет.

## 14-ГЛАВА. АКШУМКАРДЫН ДАЙНЫ

Айчүрөк Семетейдин аялы Чачыкейге жолугуп, бардык окуяны ортого салып сырын айтат. «Семетей баатыр болсо кыйналып жаткан элимди жоодон куткарсын, атабыз кошкон колуктусун алсын, отуң менен кирейин, күлүң менен чыгайын, сага күң болоюн» – деп, жалбарат. Бирок, Чачыкей ага макул болбойт. Чүрөктү аябай кордойт. Чүрөк бул ызага чыдабайт. Чачыкейдин ынтымакка келбегендигин ачык түшүнөт да, Семетейдин Акшумкарын ала качып кетет.

Аккуу Акшумкарды көтөрүп алып кетиши Семетейге табышмак болот. Сураштырат, эч ким билбейт. Семетей ууга чыгардан: «Ак балык көрсөңөр кармабагыла, ак була көрсөңөр албагыла, аккуу көрсөңөр Акшумкарды салбагыла»– деп Гүлчорого Чачыкей тапшырган болучу. Гүлчоро ошондон улам окуянын

manas-discovery.kg

түйүнүн сезет да Чачыкейдин бардык сырын эрксиз айттырат.

Семетей жолдун дайнын Бакайдан толук каттап алып, Гүлчоро менен Канчорону ээрчитип, он төрт күлүгү менен Акшумкардын артынан жөнөп калышат (Бул главаларда жолдун, табигаттын сүрөттөрү эң жакшы көрүнөт. Ошол көрүнүштөрдүн өзү эле окуя болуп эсептелет).

## 15-ГЛАВА. ЧҮРӨКТҮН ТҮШҮ

Чүрөктүн эч кимге билинбей учуп кетиши Акун менен Түмөнбайга чоң үмүт туудурган. Чүрөктүн келиши да куду кеткени сыяктуу сырдуу белгисиз болду. Толтой менен Чынкожону Түмөнбай менен Ажыбай али да болсо саалытып мөөнөттү узарта беришти.

Күндөрдүн биринде Чүрөк түш көрөт. Түшүндө ажыдаар, кабылан, чолок куйрук даңкыт Төрт-Күл шаарын аралайт ж.б. Түштү Айчүрөктүн кырк кызы жоруйт (Калыйман жоруйт).

Семетейдин сүрү душманга ажыдаардай, ал ажыдаар Семетей жездем экен, кабылан Күлчоро, чолок куйрук даңкыт Канчоро экен деп жорушат. Кыздар сүйүнүшөт. Семетейди тозууга даярданышат. Кыздардын бул кубанычтарын эч ким билбейт. Алар Үргөнчтүн боюнан Семетейди күтүшөт.

## 17-ГЛАВА. ГҮЛЧОРОНУН ЧАЛГЫНЫ

Семетейлер Үргөнчтүн суусун көрүштү. Семетей күн сайын ак келтенин огунан бирди бөлүп коюп, ошо-

manas-discovery.kg

ну менен күн эсебин алар эле. Эсеп боюнча Акундун элине жакын келишти. Алар өргүштү. Семетей дүрбү менен суунун өйүзүн карап, бүлбүлдөгөн караандарды көрүп, толук ажырата албады. Каспы, доспу, аны билиш керек болду. Чалгынчыга киминер барасыңар дегенде, орой Канчоро сырын айтып жиберди. «Кокус келин-кыздар болуп калса, андайга менин шыгым жок эле. Эмне болсо да Гүлчоро барсын» – деди. Өрттөй болгон Гүлчорого жага бербей калды. Семетейдин Бууруллун минип, буулумун кийип алып чалгынга кетти. Ал Үргөнчтүн өйүзүндөгү сейилдеги кыздарды көрдү. Кыздар да да аны көрүштү. «Кандай адам, кантип» кечет дешип таңыркашты. Кыздарды көргөн Гүлчоро өзүнүн өлөрүн да ойлогон жок. Кечүүсү жок, күкүктөп жаткан дайранын кезиккен эле жеринен кирип кетти. Таңыркап турган кыздарга жетип барды. Кыздар жаш баланы сөзгө сындырмак болсо да, чечен Гүлчоро алардан жеңиле койгон жок. Тийиштүү жана шок жообун берип, аттан түшпөй туруп Чүрөктү тике эле «жеңе» деп атап, Калыймандын мойнуна колун арта салды. Дүрбү менен карап турган Семетей мунун бардыгын көрдү. Ал бул көрүнүшкө сүйүнүп да кызганып да кетти. Тездик менен көштү жыйнатып жөнөп келди. Жаш Гүлчоро кыздарга алагды болуп калды, чалгындын жообун Семетейге жеткирүүгө бурсаты келген жок.

## 18-ГЛАВА. СЕМЕТЕЙДИН ЧҮРӨККӨ ЖОЛУГУШУ

Семетей да Үргөнчтөн кечүү тандап олтурган жок. Туш келген жерден кечишти. Ал агып кете жаздап, араң чыкты. Ал бир жагынан кара күчкө Чүрөктөн

manas-discovery.kg

манчыркады, экинчи жактан эчтемеге назар салбагандай кыздарды бойго теңебегендей болуп Гүлчорого сүйлөндү.

Чалгынды качан чаласың,
Кабарды качан аласың.
Куурай терген кыз болсо,
Курдаш болуп каласың,
Ушинтип жүрүп куу чунак,
Мени бир балаага саласың – Гүлчоро Семетейдин алдынан тозуп:

Издегениң Акшумкар, аба,
Акшумкарың салып кет, аба,
Самаганың Чүрөктү, аба, – деп, сүйүнчүлөйт жана сөзгө сындыруу үчүн орой мамиле кылат. Чүрөк да ызаланган болуп сөз кайтарат. Семетей кара күчкө ого бетер ачуулана кетет. Чүрөк менен Семетей бири-бирине багынбаган кербез сөздөрүн күчөтүшөт. Бара-бара жүйөгө келишет. Айчүрөктүн жүйөсү далилдүү үстөм чыгат. Бирок, Семетей көктүк кылып өжөрлөнөт. Чүрөктүн сиңдиси Калыйман экөөнүн арасына түшүп, эрегишкен экөөнү жараштырып, жездесин аттан түшүрүп, меймандап урмат менен күтүп калышат. Буларды эч ким билбейт.

## 19-ГЛАВА. ЧЫНКОЖОНУН ТҮМӨНБАЙДАН ЖООП СУРАГАНЫ

Түмөнбайдын Чынкожого берген убада күнү бүттү. Чынкожолор Акундун элин күнкор кылып жүдөтүп

manas-discovery.kg

да жиберди. Мөөнөтүң бүттү, эми Чүрөктү бер деп маселени кабыргасынан койду. Түмөнбай менен Ажыбай Чынкожонун алдына барышып Чүрөктү берүүгө каршы эместигин, бирок салт боюнча «карартып калың алып, кызартып той жей турганын» айтышты. Алар эптеп мөөнөттү узарта бере турган болушту.

Чынкожонун канаттуу кара атын баш кылып, калың бересиң деген сыяктуу, салттагы кудаларга айтыла турган үзүр-мазир сөздөрдүн бардыгын айтышты. Чынкожо, Толтойлор а дегенде күчкө салышып кор- кутмак болушса да, Түмөнбай менен Ажыбайдын кылдаттык менен келтиришкен ирежелүү сөздөрүнөн буйтай алышпады. Ошондой болсо да, кыраакы Чынкожо бул кудалыкка шектүү карады....

Түмөнбай кайта келип Чүрөктүн келгендигин билди да, анан үстүнө кирип, болгон окуяны сүйлөп кабар салгысы келди. Сөзүнүн аягында – аракетибизден эчтеке чыкпаса, бул күчтүү душмандан эптеп кутулуш керек – деди. Айчүрөк бул «эптеп кутулуш керек» деген сөздү эмнегедир түшүнгүсү келбеди. Демек, берүүңөр керек, мен каршы эмесмин, кыз буйлалаган төө, силердин каалаганыңар болсун, калыңыңды ала бер. Мен эч жакка барганым жок, менден эчтеме сураба – деди. Бул сөз Түмөнбайга жеңил тийген жок. Менин бербейм деген аракеттерим талаага кеткен экен деп түшүндү да аябай ачууланды. Чүрөккө тил тийгизди, сен араң турсаң азыр эле жеткирейин деп, карындашын билектен алды. Чүрөк чыны менен агасынын айласы кетип турганына айкын түшүндү да, болгон сырды ортого салды.

manas-discovery.kg

## 20-ГЛАВА. ТҮМӨНБАЙДЫН СЕМЕТЕЙГЕ ЖОЛУГУШУ

Чүрөк Семетейди түн ичинде жашырып алып келип, аттарын сарайга байлатып, эчен күн, эчен түн уктабаган баатырларды коопсуз жерге жайлап койгон эле. Чүрөк эки агасын ээрчитип, байлоодо турган буудандарды аралатып өттү. Түмөнбайды аттардын сүрү эле таң калтырды. Семетейлердин коопсуз келип жатып калышы Түмөнбайды чочутту. Анткени Чынкожо менен Толтой ар түнү кезек менен Төрт-Күл шаарын айланып күзөтүп турушат. Түмөнбай менен Ажыбай Семетей менен учурушкандан кийин эле ушул маселени эскертти. Чынкожо, Толтой оңой-олтоң жоо эмес, мындай бейкут жатыш коркунучтуу. Силердин изиңерди тапса, капыстан кол салып каран түндү салбасын, күзөтчү коюш керек дейт да, Чынкожо, Толтойлор «Буурусунду буктурбайт, жерге буудай чачтырбайт. Жалдуу байтал мингизбейт, куйруктуу козу жегизбейт» – деп, элдин кыйналып, кысылып турганын айтат да, Чынкожонун канаттуу кара атын алдап ала турганын билдирет. Семетей «Эрдин канаты ат, аттан кийин эрди сыноого болбойт. Алдап атынан ажыратыш эрдик салтка жатпайт. Алар армансыз болсун, майданда эле көрүшөбүз, баатырды алдаш эң төмөндүк болот, Чынкожону тууроого болбойт» – дейт.

## 21-ГЛАВА. ГҮЛЧОРОНУН КҮЗӨТҮ

Гүлчоро күзөткө чыкканда анын каалоосу боюнча Семетейдин аты, Семетейдин жарактары менен

manas-discovery.kg

чыкты. Тайбуурул менен чуратып Төрт-Күл шаарын эчен ирет айланды, эчкандай шек болгон жок. Таң куланөөк болгондо жаш чоро талыкшып кетти да Тайбуурулду байлап коюп өзү уктап кетти. Күзөттө жүргөн тажрыйбалуу Толтой баатыр кыраакылык менен байкоо жүргүзүп, акыры Тайбуурулдун изин көрүп, ошонун нугу менен келе берди. Тайбуурул Суркоёндун дүбүртүн угуп душмандын келе жатканын сезип тынчсызданып окуранды. Тыбырчылады. Бирок, катуу уктаган Гүлчоро ойгоно койгон жок. Нокоро түйгөн ак ноктонун чылбыры да үзүлбөдү.

Толтой жакын келип калды. Тайбуурул жерди чапчып кошкуруп окуранды. Кишенеп жиберди. Гүлчоро ыргып туруп уйкулуу көзү менен эки жакты карады. Өлчөмсүз денелүү алпты көрө коюп, дароо Тайбуурулга минди, Толтой канчалык даярданып келе жатса да энөөлүк кылды. Гүлчорону байкай албады. Гүлчоро ач арстандай бакырып, Манастап ураан чакырып, Толтойго каршы чыга келди. Толтой жаш баатырды тааныган жок. Семетей деп ойлоп чочуп кетти да, такат кыла албастан качып берди. Гүлчоронун арбагы көтөрүлдү. Тайбуурул закымдай учту. Баатырга жакындай бергенде сыр найзаны кош колдоп кармап Толтойдун өпкөсүнө карай мээледи. Бирок, бала тажрыйбасыздык кылып, чылбыр, тизгинин таштап койду. Найза Толтойго жаңы жете бергенде Тайбуурулдун бутуна чылбыр ороло түштү. Найза Толтойго чала тийди. Чылбырды жыйнаганча Толтой көздөн кайым болду. Гүлчоронун ызасы менен арманы денесине баткан жок. Ал ушинтип калдым деп Семетейге баруудан уялды. Ат жетпей калды деп кантип Тайбуурулга кыянат

manas-discovery.kg

кылам. Найза өтпөй калды деп сыр найзага кантип шек келтирип калп айтам, Молтолуу Чүрөк деле калп айтканымды билип койбойбу, андан көрө Толтой менен Чынкожонун колун аралап кирип, кыргын салып кайтайын – деп оолугат. Бирок, Семетейден улуксатсыз ага баруугa да болбойт. Ошондуктан, чынын айтып өкүнүч менен абасынын алдына барды.

